7 Доллардын дүйнөлүк валютага айланышы



13 Т.Асыгалиев: “Эң кооз оюн Бөрүлүнүкү”




# САРЕСЕП

17-сентябрь, 2015-жыл
№18 (18)
saresep.kg
Калыс көз караш!




Жеринен безген момундар

4-бетте



Конституция саясатчындын оюну эмес

5-бетте



Адам интернеттин бөлүкчөсүнө айланууда

12-бетте

## Туура бийде бийде тууган жок, туугандуу бийде ыйман жок

6-бетте



**"Ким канча берем деп жатат?"**

"Өзүбүздүкүнөн бири бар бекен?"

"Сен кайсы партияга саласың? Канча берип жатышат"

"Ким канча берсе ала беребиз, анан “против всех” деп жазып коёбуз"

*“Биздикилерден бирөө өтсө болот эле”*

"1000 сомдон беребиз деп жатышат, баары бир шүмшүктөр бийлике келишет, жок дегенде ун сатып алып коелу"

"Дегеле ким бар экен кандидаттардан - таза? Баары эле баягылар экен"

***"Өлүп кетсин бергенин ала беребиз"***






## Ысык-Көл КМШда эң алдыңкы болду

Россиялык Travel.ru туристтик сервиси жүргүзгөн иликтөөнүн жыйынтыгы боюнча Ысык-Көлдүн курорттору Көз карандысыз мамлекеттеринин шериктештигине (КМШ) кирген өлкөлөрүнүн өтүмдүү курорттук беш аймактын биринчиси экендиги аныкталды. Аталган рейтинг КМШ мамлекеттеринде өз алдынча саякаттаган орусиялык туристтерди сурамжылоо кылганда аныкталып, алар ыйгарган упайлардын негизинде түзүлдү. Ысык-Көлдөн кийинки орундарда Казакстандагы "Боровое" курорту, Азербайджандын Каспий деңизинин жээгиндеги "Худат" курорту, Армениядагы Севан көлү жана Белорусиядагы Нарочь көлү болду.

Сурамжылоо кылган адистер Ысык-Көл туристтерди эмнеси менен кызыктырганын сураштырганда төмөнкү жоопторду алышкан. Ысык-Көлдүн таза суусу, тоонун таза абасы, экскурсиялык маршруттардын көптүгү, улуттук тамак-аш менен каада-салттар, бардык нерселерге баалардын төмөндүгү жана Кыргызстандын кайсы гана аймагы болбосун орус тилинде эркин баарлаша алышы менен саякатчыларга жагымдуу экени билинген.



## Депутаттардын укуктарына каршы кыймыл түзүлдү

Укук коргоочулар, жарандык активисттер "Депутаттардын привилегияларына жана ыйгарым укуктарын алып салуу үчүн" кыймылын түзгөнүн "Коомдук иликтөөлөр институту" уюмунун жетекчиси Рита Карасартова билдирди. Кыймыл шайлоого катышып жаткан партияларды уюм тарабынан түзүлгөн декларацияга кол коюуга чакырат. Рита айымдын айтымында декларацияда шайлоодон жеңип чыккан партиялар бир ай ичинде "Жогорку Кеңештин депутаттарынын макамы" жөнүндөгү мыйзамга өзгөртүү киргизип, баардык привилегияларды алып салууга сөз берет. Кыймыл кызматтык автоунааны, үй, бейтапканалардагы атайын тейлөөнү жана жашоонун эң төмөнкү тиричилик чегинен он эседен ашпаган маянаны чектөөнү сунуштайт.

Карасартованын айтымында шайлоодон утуп чыккан партиялар убадасын аткарбай, жеңилдиктерден баш тартпаса, кыймыл эл өкүлдөрүнүн өзгөчө ыйгарым укуктарын жоюу боюнча кошумча чаралады көрө бермекчи.

# Р.Акматбек: "Мамлекетке төлөнбөгөн салыкты оокат көрөбүз"

"ЖИА" бизнес ассоциациясынын аткаруучу директору Руслан Акматбектин айтымында Кыргызстанда укук коргоо органдары ыйгарым укуктары болбосо деле, ишкерлерди түздөн-түз текшерип келишкен, дагы деле текшерип жатышат. "Бул ишкердикке болгон эң чоң бөгөт. Анткени ишкерди иштетпей эле текшерүү боло берсе, ишкер мамлекет менен иштегиси келбей калат. Бул учурда мамлекет эле зыян тартат. Өткөндө бир ишкананын ээси бир жылда 52 жолу текшерилгендигин айтты. Бир айда 4төн ашык текшерүү келген. Текшерүү деген бул кийлигишүү дегендик да. Биз мамлекеттик органдардын жеке секторго, ишканаларга кийлигишүүсүн мүмкүн болушунча чектешибиз керек", – деген оюн айтты.

Руслан мырзанын айтымында Кыргызстанда салык төлөө маданияты орногон эмес, ошонун кесепетинен ишкер мамлекетке салык төлөөдөн качкандыгы чындык дейт. "Ишкерлер салык төлөбөөнү кемчилик катары кабыл алышы керек. Бирок мамлекет салык төлөп жаткан ишкерлерди шыктандырышы зарыл. Мисалы, өнүккөн өлкөлөрдө кандайдыр бир жеңилдиктер бар. Мамлекеттин тиешелүү мекемелери түрдүү акцияларды уюштуруп, мыйзамды сыйлаган, салыкты үзгүлтүксүз төлөгөн ишкерлердин кадыр-баркын көтөрөт. Мындай колдоо аркылуу салык төлөө маданиятын орнотот. Өнүккөн экономикаларда адамга кичинекей кезинен баштап "киреше тапкан соң анын бир бөлүгүн мамлекетке салык катары төлөшүң керек" деген түшүнүк берилет. Биз тескерисинче мамлекетке бир сом төлөбөй калсак, ошону оокат көрөбүз", – деген Руслан Акматбек.



# Тоок чарбачылыгы жок болуу коркунучунда

Евразия экономика биримдигине (ЕАЭБ) киргенден кийин өлкөгө сырттан көп өлчөмдө жумуртка импорттолуп, жергиликтүү өндүрүшчүлөр продукциясын сата албай кыйынчылыкка кабылды.

Бул тууралуу Тоок чарбачылыгы ассоциациясынын төрагасы Рустам Осмоналиев: "Тоок чарбачылыгы абдан кирешелүү тармак болуп эсептелинет. Бирок өкмөт эмнегедир бул тармакка такыр көңүл бурбай койду. Мисалы Казакстан, Орусия жергиликтүү тоок өндүрүүчүлөргө субсидия берет. Бирок бизде андай түшүнүк жок. Үстөккө босток болуп Кыргызстан ЕАЭБге киргенден кийин биримдикке мүчө өлкөлөрдөн көп жумуртка келе баштады. Алар жергиликтүү жумурткалардан арзан баада сатылып жатат. Учурда көптөгөн тоок чарабалар банкрот болуп жабылды. Калганы жабылуу алдында турат. Орусия менен Казакстандан келген жумурткалар 3 сомдон сатылууда. Ал эми жергиликтүү жумуртканын өздүк баасы 3,5–4 сом. Биздикилер өндүрүмүн өз баасында сатууга аргасыз болуп жатат. Өлкөгө аткезчилик жол менен келген жумурткалар да көп. Кытайдан, Өзбекстандан, Тажикстандан көп өлчөмдө жумурткалар аткезчилик жол менен келет. Алардын сапаты, коопсуздугу текшерилбейт. Бул калктын саламаттыгы үчүн да кооптуу. Абал ушул бойдон уланса, өлкөдө бул сектор жок болуп кетиши мүмкүн. Чет жерден келген жумурткаларга чектөө киргизүү тууралуу өкмөткө кайрылуу жолдогонбуз. Бирок эч кандай натыйжа боло элек", – дейт.



Ак-Куу" Ачык акционердик коомунун башкы директору Нургүл Малабаева ишканасы 50 жылдан бери иштеп келе жатканын, буга чейин мындай кыйынчылыктарга туш болбогонун айтып, сөзүн кийинкиче улантты "Учурда бизде 500 миңден ашуун тоок бар. Күнүнө 300 миңден ашык жумуртка алабыз. Аны сатууда кыйынчылыктарга кабыла баштадык. Биз Орусия, Казакстандан келген жумурткалардай арзан сата албайбыз. Анткени бизге жем Европа өлкөлөрүнөн келет. Бул кыйынчылыктар ЕАЭБге кирген учурда башталган жок. Бул акча рыногундагы туруксуздуктан улам пайда болгон көйгөй. Анткени тооктун жеми долларга келет. Биз өндүргөн жумурткаларды өзүбүздүн базарга гана сата алабыз. Ал үчүн сырттан келген жумурткалардын көлөмү аз болушу керек. Биздин продукция сапатуу жана эч кандай химиялык кошулмасы жок өндүрүлөт. Ошондуктан тургундардан өзүбүздө өндүрүлгөн жумуртканы сатып алуусун өтүнөт элек", – дейт Нургүл Малабаева.

## ИИМ экстремизмге каршы институттар менен кызматташууда

Ички иштер министрлигинин басма сөз кызматы билдиргендей радикалдуулукту алдын алуу жана экстремизмге каршы күрөшүү багытында атайын илимий изилдөө институттары, борборлору менен иш алып баруу маселеси каралган. Учурда "Дин, саясат жана укук" изилдөө институту , "Ислам тануу институту", "Жалпы кызыкчылыктарды издөө" жана "Эл аралык толеранттуулук" фонддору менен кызматташтык жолго коюлган. Аталган изилдөө институттары менен биргеликте өлкөбүздөгү радикалдуулуктун көйгөйү, себептери жана жолдору изденип, аларга каршы эффективдүү иш-чаралар кылынууда. Мисалы "Ислам экстремизмге каршы", "Абайла-Хизб-ут-Тахрир!" аттуу атайын китепчелердин 20 миңден ашуун нускасы бастырылып калк арасында таркатылды.



Кошумчалай кетсек, өлкө боюнча диний экстремисттик жана террористтик көз карашты колдогон–1866 адам каттоодо турат. Алардын 1361ин "Хизб-ут-Тахрир" экстремисттик уюмунун жактоочулары түзүшөт. Акыркы мезгилдерде экстремисттик ишмердүүлүккө аялдардын катышуу тенденциясы сакталууда. Экстремисттердин 23%ын аялдар түзөт. Экстремисттик кылмыштардын 74,2%ы түштүк региондорунда катталган. Жалпы каттоодо турган экстремисттик уюмдун мүчөлөрүнүн 62,4%ы түштүк региондорунун жашоочулары.

Эл ишениминде

# Кыяс Молдокасымов: “Бир Бол” эл үчүн иштеп берерине көзүм жетет”

Кыргыз элинин, мамлекетинин келечеги үчүн күйүп-бышкан инсандарыбыз улуттун чыныгы жүзү. Алардын катарында “Бир Бол” профессионалдар командасы менен бирге парламенттик шайлоого аттанган тарых илиминин кандидаты, профессор, коомдук ишмер Кыяс Молдокасымов да бар. Төмөндө талапкер менен баарлаштык

БИР БОЛ №12



**– Кыяс Сатарович, учурдагы парламенттин депутаттары беш жыл мурунку айткан убадаларын аткарыштыбы?**

– Толук аткарыша алган жок. Партиялык тизме менен келген депутаттардын көпчүлүгү мамлекеттик иште, мыйзам чыгаруу жаатында даярдыгы жок болгондуктан, алар жеке бизнесин коргоо, өнүктүрүүнү биринчи планга коюп келишти. Партиялык тизмеге кирүү үчүн олчойгон суммадагы акча төлөш керектигине бардыгыбыз күбө болдук. Билими бар, бирок, акчасы жок инсандар четте калышты. Ал түгүл депутаттардын бири алгачкы күнү бөлмөсүнө кирип, “бул жерге компьютер коюлса, анда интернет кайсыл столго коюлат” деп иш башкармалыгынын кызматкерлеринен сураганы эл арасына тарап кетти. Бизде Парламенттик башкаруу киргизилген. Парламент керек болсо мамлекеттин келечегин аныктайт. Ал эми депутаттар чабал болгондуктан, мамлекеттин келечеги аныкталган жок. Ошондуктан, мөөнөтү соңуна чыккан депутаттар эл ишенимин толук актай алган жок. Эгер алдыдагы шайлоодо да Парламентке акчалуулар келип, билимдүүлөр четте калса, мурдагы Парламенттин эле кейпин кийип калат.

**– Сиздин “Бир Бол” партиясына кошулууңуздун себеби? Партиянын башка партиялардан өзгөчөлүгү эмнеде?**

– Чындыгында, буга чейин эч бир партия менен кызматташкан эмесмин. Менин бир гана партиям бар ал – Кыргыз деп келген элем. Бирок, Кыргызстан Парламенттик башкарууну тандагандан кийин, шайлоо партиялык тизме менен гана өткөндүктөн, көпчүлүк партияда жоктор сыяктуу эле менин да укугум чектелип, шайлоого талапкер катары аттануу үчүн программасы мыкты, Кыргызстандын биримдигин, мекенчилдикти туу туткан, буга чейин булганбаган партия менен кызматташууну туура көрдүм. "Бир Бол" партиясынын программасын, платформасын түзүүгө катышып, курултайында анын бет ачарын өткөрүп бердим. Бул партиянын келечегине ынанып, өлкөнүн өнүгүүсүнө өз салымын кошуп, эл үчүн иштеп берээрине көзүм жеткени үчүн бир болуп шайлоого барууну чечтим. Башка партияларда айткан сөзү башка, жасаган иштери теңирден тескери болгону үчүн алардын сунуштарына макул болгон жокмун. "Бир Бол" партиясынын мамлекеттин бардык тармактары боюнча реформа жүргүзүүгө даяр программасы бар. Командасы күчтүү. Айткан убадасын аткара турган мыктылар топтолгон. Шайлоо өнөктүгү башталгандан бери ага шайлоочулар өздөрү да ынанып, жеңиштин илеби ура баштады. Ошондуктан, жер-жерлерде бийлик партиясынын бут тосууларына тушугуп жатабыз. Мындай бут тосуулар Акаевдин тушунда, Бакиевдин учурунда да болгон, азыр да болууда. Аны бийликтин партиясынын камчысын чапкан адамдар, бюджеттен маяна алгандар да мойнуна алып, мурдагы бийликтин тушунда да мындайды көргөн эмес элек деп жатышат. Бирок, ага карабай биз жеңишке жетерибизге ишенем!

**– Партия сунуш кылып жаткан “Илбирс секириги” программасынын негизги идеясы кандай?**

– Иштин ийгилиги, келечеги анын көздөгөн максатынан, программасынан даана көрүнөт. Жогоруда айткандай "Бир Бол" партиясынын программасы башка партиялардын программасынан кескин айырмаланып турат. Мамлекетти кризистен чыгарып, өнүгүүнү камсыз кылган "Илбирстин секириги" аттуу даяр программасы бар. Ушундай программа менен Азиянын жолборстору атыккан өлкөлөр алдыга озуп чыгышкан. Жолборско караганда илбирс шамдагай, асман мелжиген аскалуу зоолорду мекендеп, тазалыкты туу туткан күчтүү жаныбар. Туңгуюкка кептелген мамлекетти илбирстей шамдагайлык менен алдыга сууруп чыгуу үчүн ыкчам аракеттенген күчтүү команда "Бир Бол" партиясына топтолгон. Экинчиден, кыргызды ааламдашуу жараянынан аман алып калуу үчүн материалдык байлыкка караганда руханий байлыктын мааниси өзгөчө экенин турмуш өзү далилдеп жатат. Партиянын "Манастан Чыңгызга чейин!" деген ураанды бар. Бул ураан менен элди руханий жакырлыктан, туташ каптаган сабатсыздыктан арылтабыз.

**– Өлкөнүн алдыдагы беш жылдык тагдыры чечилүү алдында шайлоочуларга айтаар кебиңиз?**

– Эгемендүүлүккө ээ болгон жылдардан берки шайлоонун шайтан оюндары "өз жемишин" берип, элге терс таасирин тийгизиптир. Жалпы эл эскиден жадап, жаңылыкты эңсеп жаткан кези. Бийликтин ыкшоолугу, эскиче башкаруусу, коррупцияга белчесинен батуусу, мурдагы бийликтин жолун жолдоосу, адилетсиздик, абийирсиздик элдин ишенимин өчүрүптүр. Борбордук бийликтин жөндөмсүздүгү жергиликтүү бийликти шал кылыптыр. Андыктан, алдыдагы Парламенттик шайлоо мамлекеттин тагдырын чечүүдө, адашкан жолдон чыгарууда, ыпластыктан, коррупциядан арылтууда, таза коомго өтүүдө өзгөчө мааниге ээ. Ал үчүн байлыкка эмес билимге, тажрыйбага таяна турган кез келди Эгер бул жолу да куру убадага, болбогон акчага, суудай агызган арак менен шарапка алданып шайлоонун тагдырын аныктасак, анда элибиздин, мамлекетибиздин шору! Эң башкысы куру убадага, баш айландырган кооз сөздөргө, койдун терисин жамынган карышкырларга, уурулар менен талоончулдарга, бийликтин өкүм зордугуна алданбай, келечегибизди кең карайлы!!!

**– Маегибизди бир аз башка өңүткө бурсак, сиздеги сөз өнөрүнө жакындык кандан өткөн талантпы?**

– Бабам Мамет сөзмөр, бетке чабар киши болуптур. Жаныбек казы да анын сөзмөрлүгүн кадырлап, сый мамиледе болгонун карыялар айтып калышчу. Чоң атам Молдокасым эмгекчил, турмушуна тың, динди карманган адам экен. Ал совет бийлигине чейин Абдыкадыр Орозбеков менен мандикерликте чогуу болгонун, ал жактан жакын дос болуп кайтышканын чоң энем айтып калаар эле. Кийин досунун жардамы тийип, Көлдүктүн элин кызыл кыргындан сактап калганын карыялардан уккам.

Атам Сатар географ мугалими. Чыныгы коммунист эле. Өтө билимдүү болчу. Ар дайым: “менин илимде өчүм калган, аны силер алып бергиле!” – деп бизге айтаар эле. Атамдын илимдеги өчүн алып берүүнүн үстүндө аздыр-көптүр аракет кылып жүрөм. Апам Артыкбү тарых мугалими. Апамдын жолун жолдоп тарыхчылык кесипти тандап алгам. Анткени апам студент кезинде мен курсактагы бала болупмун. Курсактагы кезимде, андан соң төрөлгөн учурда эне сүтү аркылуу бул кесип мага өткөндөй. Апамдын жапкан наны, тарткан каймагы, бал кымызы, даамдуу тамагы биз үчүн өзгөчө. Апам төрүбүздө отурганда мен өзүмдү эч элүүгө чыккандай сезбейм.

**– Тарыхчы катары өз ишиңизге алымсынасызбы?**

– Тарыхчылык кесипти аркалап эмнени кыйраттым деген суроону өзүмө көп берем, жоопторума алымсынбайм. Тарыхый инсандар тууралуу жаңы маалыматтардын негизинде көптөгөн макалаларды жазып, тактоо киргизгеним менен алар өзүнчө китеп болуп чыга элек. Токтогул Сатылганов тууралуу мурда изилдеген илимдин докторлору, профессорлор таппаган материалдарды архивден таап, абак жылдарын тактап далилдегеним менен мектептерде, жогорку окуу жайларда эски маалыматтар окутулуп жатат. Өзбектер менчиктеп алган Молдо Калбек Андижаний аттуу акындын кыргыз экендигин далидедим. Ал Орус падышачылыгына каршы аракеттерге аралашканы үчүн Токтогул Сатылгановдон 20 жыл мурда Сибирге сүргүнгө айдалган. Сибирден көк дептерге толтура ыр жазып келип, кийин анын дептерлери өзбекстандык жыйноочулардын колуна тийип, ал өзбек акын катары окуу китептерге кирип калган. Акындын накта кыргыз урпактары Ноокен районунда жашаарын да таап далилдедим. Бирок андан эмне майнап, анткени Молдо Калбек Андижаний алигиче кыргыздын жазма акыны катары кабылданган жок.

Кокон хандыгынын ордосуна Кудаяр хан, анын апасы Жаркын айымдын чакырылып, алардын тапшыруусу менен жазылган “Фаргана хандарынын тарыхы” аттуу көлөмдүү кол жазма Стамбул шаарындагы китепканадан табылган. Аталган кол жазманын автору Зиябидин Максым кыргыз тарыхчысы экенин тактадым. Зиябидин Максымдын Ноокаттагы урпактарын тапкан күн, аталган кол жазманы крилл тамгасына котортуп, Ноокат коомунун демөөрчүлүгү менен бастырып чыгарып кадимкидей майрамдаганыбыз али эсимде.

Маектешкен А.ЭРГЕШОВА

Буйрутмачы: «Бир Бол» Мамлекеттик биримдик жана мекенчил саясий партиясынын каржы боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү Ашыралиева Ч.М. «Бир Бол» Мамлекеттик биримдик жана мекенчил саясий партиясынын шайлоо фондунан төлөндү.

# Жеринен безген момундар

Мусулмандар ата-бабасы жашаган, киндик каны тамган, эне сүтү менен бирге эне тилин кошо сиңирген мекенин таштап кетүүдө. Чоочун, тили, дили, дини башка өлкөлөргө качышууда. Ортодо эзелтен исламдык эрежелер менен жашадык деген лидерлери мусулмандыгын ар шайлоодо колдонгон, элинин көбү мусулманбыз деген өлкөлөрдү басып өтүп, кайырдиндердин жерине кире качып атышат. Дүйнө мусулманчылыгы, мамлекет башчылары ушул уят абалга кантип келди?




Сириялык качкын аман-эсен жээкке жетип алганына намаз окуп жаткан учуру

ЖАНСАКТА САРБАШОВ

### 40 мусулман партиясынын келечеги

Жакында "40 мусулман бала түзгөн партиябыз" деген саясий топ пайда болду. Сурамжылоолордо калкынын 90 пайызы "мусулманбыз" деген мамлекетте бул айтылуусу зарыл эмес сөз сыяктуу. Бирок түрдүү жамааттарга бөлүнгөн кыргызстандык мусулмандар өзүнөн башка жамааттагы момунга шек-күмөн менен караганы сыр эмес. Андан да жаманы Сирия менен Иракташы "супермуслимбиз" деген кутурма тийген айбандардай болуп, башка мусулмандардын мал-мүлкүн жана аялзатын тартып алганын түш көрүп жаткандар дагы бар десек жаңылбайбыз. Коопсуздук тармагындагы серепчилердин "диний радикалдар менен криминалитет биргелешип жатат" дегени Бишкектин Горький көчөсүндөгү 16-июлдагы атышууда ашкере болду.

Элдин баары таанып, жакшы көргөн мусулман аалымы да жогорудагы партиялаш 40 жигитти колдоп чыкты. Балким, мунусу менен Манас бабабыздын Бакайындай дем-күч берген кеңешчи болуп, жигиттигин далилдегиси келгендир. Албетте, бул аалым тууралуу биз жакшы гана ойдобуз. Партиялаш 40 улан менен да эч кандай чатагыбыз жок. Албетте, алар "биз диний негизде партия түзгөн жокпуз" деп, төрт-беш жылдан кийин шайлоого аттана алат. Диндарлары же динчилдиги артып бара жаткан калк аларга жакшы добуш берүүсү мүмкүн. Өздөрү жалгыз өкмөт кура алгандай добуш алды дейли. Анан каалаunion да, каалабаса да супермуслимдерге айланат. Себеби алардай мусулман чын эле жок да. Бийлик алмай бар, бийликти кийинки шайлоолордо сактап калмай бар. Мунун баары акча талап кылат. Анан кайра эле Акаевдин өзүн гана акылдуу сезип, өзүнүкүн гана туура көргөн, эмгиче өкүнбөгөн таз кейпин киебиз. Же Бакиевдей "бир туугандарым акылдуу болсо, мен эмне кылайын" дегендей, "бурадарым жесе да, иштеп атпайбы" деп, көгөрүп тактыга жабышмай баштайт. Өздөрүнүкүн ар колоттун башына башчы кылып коймой доор сүрөт. Анан кайра эле мекенинен безген кыргыз мусулман. Же апыртып жатамбы?

### Мусулман неге кайырдинге качууда?

Мурунку жумада өз мекени Сириядан качып, Түркияда калгысы келбей, Европага безип бараткан үй-бүлөнүн уулу 3 жаштагы Айлан Курдинин өлүмү бүт дүйнөнүн үрөйүн учурду. Кечке ойноп чарчап, жаздыгына көмкөрөсүнөн томпоюп жатып уктап калган сыяктуу кумга жатып калган. Жүзү качкан тарабы – Жер ортолук деңиздин толкундары менен улам чайылган абалда...

Шок болгон Европа биринен сала бири качкындарга жардам берип турган кези. Германия беш жылда жылына 800 миң качкынды кабыл аларын айтты. Немис коомчулугунун көбү "Кош келдиң, качкын" деген ураан менен өлкөсүнөн безген мусулмандарга жардам берүү компанияларын баштады. Грециялык миллиардер мусулман качкындарга арал сатып алып, бардык шарттарды түзүп берерин айтты. Дагы бир отелдери бар бай мейманканаларынан 5000 орун бөлөрүн жар салды.

Жерин таштап качканга мажбур болгондорго бардык мамлекеттер бирдей мамиле кылган жок. Венгрия качкындарды кабыл алуудан баш тартты. Качкындарга жардам берилеби деген суроого Орусия президентинин басма сөз катчысы Песков "бул боткону кайнаткандар өздөрү ашасын" маанисинде пикирин билдирди. Сауд Аравия, Бахрейн, Кувейт сыяктуу араб мусулман мамлекеттерине качкындардын көңүлү анча тартпаганы таң каларлык факт.



Айлан Курдинин трагедиялык өлүмү бүт дйнөнү дүрбөттү

Демек, мусулман мусулманга качып баргысы келбейт.

Бир мусулман аалымынын: "Мусулман мамлекеттерден мусулманмын дегендерди көрдүм, бирок исламды көрө албадым. Батыш мамлекеттеринде мусулмандарды көрө албадым, бирок исламды көрдүм" – деген сөзүнүн акыйкаты эми айкын көрүнө баштады окшойт. Демек, качкындык азабын чегип жаткан мусулмандар өз мусулман лидерлеринин "мусулманчылыгынан" батыштын исламына качууда. Себеби алар таштаган мекендерин өздөрүн супермуслим көргөн, "бизден башкалар исламды курушу мүмкүн эмес" деп, династиялык башкарууну небак орнотуп алгандар же жаңы орното баштагандар башкарат. Мусулман төбөлдөрүнүн мындай аракеттеринин кайталана бергендигин көргөн батыш окумуштуулары "Мусулмандар бийликке демократия жолу менен келиши мүмкүн, бирок эч качан демократия жолу менен кетпейт" деген мазмундагы китептерди жаза баштаган.

### Мындай "мусулмандыктын" алааматтары

Мусулмандын мусулман экенин билгизип саясатка аттануусу маселе деле жаратпайт болуш керек. Бирок акыркы тарыхта мусулман мамлекет башчылары динди саясий спекуляция үчүн колдонууну салтка айланып бара жаткан сыяктуу. Акыркы кылымдарда саясий өнөктөштөрүн жок кылуу аракетинде мусулман төбөлдөрү элинин руханий-интеллектуалдык өсүүсүн чектеп келет. Карапайым мусулмандардын исламдык адеп-ахлактан алыстап, акыл-эсин өстүрүүгө умтулбай калуусун бул саясаттын кесепети катары карасак болот. Мусулмандар көпчүлүктү түзгөн мамлекеттердин саясатында алдоо жана алдануу өкүм сүрүп келет.

Мусулман аалымдарынын божомолу боюнча алдагандар кийинки сапаттарга ээ. Биринчиден, динин саясий курал катары колдонгондор, жалган сүйлөө жана башкаларга жалаа жабуудан кетенчиктеп да коюшпайт. Элди бөлүп, бири-бирин кырып ийчү абалга чейин жеткирген касташууга түртүшөт. Көздөрү жек көрүү менен карап, жүрөктөрү жек көрүү менен согуп турат. Алар мусулман болсо да, зөөкүрлүк, ташбоорлук, зыянкечтик, жалганчылык, жалаа жабуудан кайра тартпаган бетпактык, өзү кылган жамандыкты башкаларга жүктөй салуу сыяктуу дин безердин сыпаттарын ташыйт. Алар Жаратканына тигил же бул партия, топ же жамааттан болгондугу эмес, жүрөгүнүн тазалыгы менен жакын болорун унутта калтырышат. Балакатка толо албай келген мындай топтор: "Биз бийликте болбосок, бул мамлекеттин иши оңго кетпейт", – дешип, өздөрүн алмаштыргыс көрүшөт.

### Океандай болгон мусулмандык

Динине бекем жана берилген бойдон калып өмүр сүрүү канчалык оор экенин ар бир мусулман өз жүрөгүн тыңшап, кылган аракети менен салыштырып көрүп айта алат. "Ата-бабамдан калган дин эле" деп ээрчиме болуп, дин карманууу канчалык туура экенин ким билет. Балким, жоктон көрө жогорудур. Ээрчиме жана айдатма милиция, врач, мугалим же прокурорго кандай карайт элеңиз? Алар кандай коркунучтуу! Бирок ээрчиме, айдатма динин формалдуулук деп түшүнүп алган мусулман канчалык коркунучтуу!? Саясатты макам жана мансап деп түшүнүп алган, миллиондогон адамдарды таң калтырган сөздөрдү сүйлөйт, бирок кылган ишинен жарандары мекенинен безет.

Андан бирин-серин акыйкаттан качкандар гана качып, калганы бүт кайгы-муңун алдына алып келгенде чай ичкендей чечкен мусулмандык кайда? Качкандардын көбү катасын мойнуна алып, кайра кайтканда бир туугандарынын боорун чайнагандарды кечирип жиберген Мухаммед пайгамбарыбыздын тарбиясын кайда жоготтук? Же Токтогул Сатылганов бабабыз төккөндөй:

*"Пайгамбар кылган иш беле?*
*Бабалар баскан из беле?*
*Шарданы калып өзү жок.*
*Капилет кирген түш беле?"*

Жер Ортолук деңизде бети толкундарга көмүлүп "уктап калган" Айлан Курдинин окуясы Москва шаарынын мечиттеринин биринде имамдык кылган бир тууганымдын айтып бергенин эстетти. Ал: "Кээде бир айда колуман 30дай кыргыз наристе өтчү. Өлгөн же өлтүрүлгөндөрүн ар кайсы чиновниктерден сурап жүрүп жерге жашырчубуз. Ташталгандарын балдар үйүнө, кээ бир бактылууларын бала багып алгысы келген үй-бүлөлөргө өткөрүп берчүмүн" деди эле. Эгер Кыргызстанды башка өлкөлөрдөн океан бөлүп турса, кандай үрөй учурган тагдырларга күбө болот элек, кудай сактасын. Саясатчылардын же саясий партиялардын адамгерчиликтүү экенинин негизги көрсөткүчү элинин өз мекенинен безбегени экенин эстен чыгарышпаса, иш башынан туура нукка түшчүдөй көрүнөт.

# А.Борончиев: “Атамбаев премьер болгондо парламенттик бийлик орнойт”

Саясий партиялар шайлоочулардын көңүлүн буруу үчүн Конституцияга өзгөртүү киргизүү же убада кылынгандай, ага 2020-жылга чейин тийбөө маселесин ураан катары пайдаланып жатышат. Кыргызстан менен жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдө Конституция, Конституциялык палата, бийлик бутактарынын өз ара мамилеси тууралуу КМУУнун Конституциялык укук боюнча улук окутуучусу Азамат Борончиев кесипкөй ой-толгоолору менен бөлүштү




## Биздин Конституция бизге “чоочун”

Шайлоодо Башмыйзамды өзгөртүү же өзгөртпөө маселеси көбүнчөсү президенттик башкаруу болсунбу же парламенттик болуш керекпи деген өңүттө козголуп жатат. Кээ бир партиялар же президенттикке, же толугу менен парламенттик башкарууга өтүү керек деп айтышууда. Лидерлердин бири “Кыргызстанга президенттик башкаруу салтка жакын, ошондуктан президент аткаруу бийлигинин башчысы болуп, өкмөттүн ишине толугу менен жооп бериши керек” деген ой менен электораттын көңүлүн буруп келүүдө.



АЗАМАТ БОРОНЧИЕВ

Башмыйзамга өзгөртүү киргизүү же убада боюнча ага 2020-жылга чейин тийбөө тартыштарында парламент, өкмөт жана президенттик администрация, б.а., бийлик бутактарынын укугу жана жоопкерчилиги тартыш болууда. Конституцияга башкаруу формасын киргизүү туура эмес, анткени биздикиндей укук маданияты калыптана элек мамлекетте башкаруу формалары тарыхый кырдаал же лидердин аброюна жараша өзгөрө берүүсү мүмкүн. Башмыйзамга мүмкүн болушунча тийбөө зарыл, себеби укуктук маданият эң биринчи кезекте Конституцияга болгон сый-урматтан башталат.

Жакшы Конституция элдин үрп-адат жана каада-салтына негизделүүсү керек. Биздин Башмыйзамды сыйлабообуздун эң негизги себептеринин бири – анын баарыбызга “чоочун” болуусу. Совет доорундагы Башмыйзам да, азыркы Башмыйзам да жазылып жаткан кезде элибиздин калыптанган структурасы менен башкаруу институттары эске алынган эмес. Бул себептен кыргызга маселени чечүүнүн мыйзамдуу жолун айтып берсең, сөзсүз “кыргызча эле бүтүрсөк болбойбу?” дейт. Америка Кошмо Штаттары, айрыкча Англия сыяктуу салттуу демократиясы бар өлкөлөр азыркы Башмыйзамдарын кан жана тер менен калыптап чыккан. Ошондуктан алар мыйзамдарын сыйлап, ага моюн сунушат.

## Салттуу демократиялык мамлекеттердеги абал

АКШда башкаруунун уникалдуу түрү иштелип чыккан. Алардын Конгресси (парламенти) эки палатадан турат. Палатасынын бири болгон Сенатка 50 штаттын ар биринен экиден сенатор шайланат. Өкүлдөр палатасына аймактардагы элдин санына жараша өкүлдөр шайланат. Сенаторлор алты жылга, өкүлдөр эки жылга шайланат. Кээде эле көз карандысыз кандидаттар сенатор же өкүл боло алганы менен шайлоого катышам деген адам же республикалык, же демократиялык партиянын ишенимине кириши керек. Ошондуктан АКШда праймериз (баштапкы шайлоо) бар. Праймеризде жеңип чыккан талапкерди партиялык курултайлар бекитип гана коёт. Ошондуктан АКШда көчөдөн келген адам эч качан конгрессмен (депутат) боло албайт. Америкада парламенттик шайлоолор ызы-чуу менен коштолбой эле тынч өтө берет. Мамлекет, өкмөт жана аскер башчы болгон АКШнын президенти төрт жылга шайланат. 1951-жылкы Конституцияга киргизилген түзөтүү боюнча президент катары менен эки гана жолу шайлана алат.

Улуу Британиянын Конституциясы кодификация (иреттеп, № коюп жазуу) кылынган эмес. Анын жазылуу жана жазылбаган булактары бар. Биринчисине парламенттик укуктук актылар жана соттук чечимдер кирсе, экинчиси конституциялык салттардан (конвенциялар) турат. Ошондуктан биз Англиянын укук системасын эң салттуу деп атасак жаңылышпайбыз. Бул конституциялык монархияда британ монархы аткаруу, сот жана мыйзам чыгаруу бийлигинин башчысы болуп эсептелет. Бирок мамлекетти монарх тарабынан дайындалган, жеңип чыккан партиянын өкүлү – премьер-министр башкарат. Өкмөт премьер-министр сыяктуу эле монарх тарабынан дайындалат. Дайындалып, керектүү мыйзамдардын ишке киргизүү үчүн премьер-министр Жамааттар палатасынын макулдугун алуусу керек. Санжырасы Улуу Британия каймактагандан бери келе жаткан ак сөөктөрдөн турган Лорддор палатасы учурда Жамааттар палатасынан келген мыйзамдарды карайт, бирок аларга өзгөртүү киргизүү укугуна ээ эмес. Мындан сырткары Лорддор палатасы жактырбаган мыйзамдын ишке кирүүсүн бир жылга чейин токтотуп коё алат.

АКШ менен Улуу Британияда шайлоо мажоритардык (мандат үчүн партия ичинде эмес, жеке күрөш) ыкма менен өтөт. Шайлоого кеткен чыгымдардан улам парламент же өкмөткө кирсе, колдоосуз калуу коркунучу жеке адамдарды эки негизги партиянын бирине кирүүсүнө түрткү болуп келет.

## Өткөөл мамлекеттердеги укуктук абал

Россияда СССР кулагандан кийинки 20 жылдан ашык убакытта Конституцияга президенттин бийликте туруу мөөнөтүн 4 жылдан 6 жылга узартуусун бекиткен өзгөртүү гана киргизилген. Путин премьер-министрликке кетип, Медведев президент болгон убакта биздикилерге окшоп, Конституцияга же мыйзамдарга эч ким асылган жок. Формалдуу юридикалык бийлик Медведевде болгону менен эл жана парламент колдоосуна негизделген чыныгы бийлик Путинде эле кала берди. Ал чечимдерди кабыл алып, толук жоопкерчиликти да өз моюнуна алды. Путин эч бир мыйзамга өзгөртүү киргизбей эле премьер-министр болгондо орус өкмөтүнүн ролу өсүп, президенттик администрациянын ролу төмөндөп, Россияда мамлекеттик башкаруунун өкмөттүк формасы орноду.

Бизде “парламенттик башкаруу болуш керек” деп жатышат. Бизде да Россиядагыдай чыныгы бийликке ээ болгон Атамбаев же андан күчтүү лидер премьер-министр болгондо парламенттик башкаруунун салты башталат. Парламент өзү парламенттик башкаруудан баш тартпадыбы. Биринчи өкмөттү Өмүрбек Бабанов башкарып, реформаларды жасап баштаганда “кокуй, болбойт мындай” деди да, кетиришти ал өкмөттү. Анан Президент сунуштаган, анын сөзүнөн чыкпаган үч саясатчыны өкмөт башчы кылышты. Парламентибиз жоопкерчиликтен качып, мындай өзгөрүүнү жактырып, макул болбодубу. Ошентип бизде кайра эле президенттик башкаруу орноду. Демократиялык өлкөдө президенттик болобу же парламенттикпи, же башка түрү болобу, мамлекет жана укук теориясы деген дисциплинада баарына “башкаруунун республикалык коомдук түрү” деген аныктама берилген. Бул себептен улам башкаруу формасы Конституцияда бекитилбеши керек.

## Биздин абалыбыз жана көйгөйлөрдү чечүү жолдору

Башмыйзамыбызга кылынган мамиледеги эң биринчи жана негизги ката – аны өзгөртүүгө саясатчылар менен коомдук ишмерлердин киришип жатышы. Конституция – бул укуктун өзгөчө бөлүгү. Бөлүк болгондо дагы бүтүндөй өзүнчө бир тармак. Ошондуктан Конституция менен ошол тармактын кесипкөй юристтери иштеши керек. Конституцияны өзгөртөбүз, өзгөртпөйбүз деген ураандар менен элди дүрбөтпөй, Конституциялык комиссия түзүү зарыл. Ал комиссия ушул тармакта адистешкен юристтерден түзүлүүсү максатка ылайык болот.

Укук негизги 10-15 тармактан турат, анын эң биринчиси – Конституциялык укук. Башка укуктун баары конституциялык укукка негизделет. Ошондуктан Конституциялык укукту билген кесипкөй юристтер жазып берген долбоорду башка тармактын юристтери карап чыгуулары керек. Андан кийин Жогорку Кеңештин сынына коюлат. Парламент карап чыгып, жактыргандан кийин жалпы элдин талкуусуна коюп туруп, референдумда кабыл алса болот. Элдик талкууга өзгөртүү киргизүү үчүн эмес, эл түшүнбөгөн жерлерди ачыктап айтып берүү үчүн сунушталат.

Башкаруу формасына келсек, аны да саясатчылар чечпейт. Анткени түшүнбөйт. Буга чейин белгилеп кеткенибиздей, башкаруу формасы салттуу демократияларда Башмыйзамга жазылбайт. Конституция бийликтин бутактарынын укук менен жоопкерчилигин чектеп кыскартуу үчүн керек. Түркмөнстан менен Казакстанда башкаруу формасын Башмыйзамдарына киргизип алышты, бул туура эмес. Мындай беренелер кийинки бийлик келгенде Конституцияны өзгөртүү аракеттерине жол ачат.

# Туура бийде тууган жок, туугандуу бийде ыйман жок

Саясий партиялардын программасына карабай, калкка кызмат кылам деген мүдөөлөрүнө маани бербей, мурдагыдай эле жердешчилик, туугандык, тааныштык түшүнүктөрүнө жетеленип добуш береби деген суроонун алкагында сурамжылоо жүргүздүк

НУРКЫЗ ЖУМАБЕКОВА




## "Тайпалар чоң күчкө ээ болот"



**Бакыт Бакетаев, саясат талдоочу:**

Күздөгү шайлоодо жалпы жарандардын беш пайызы гана саясий партиялардын платформалары менен таанышып, ой жүгүртүп, анализдеп, добуштарын берет. Элдин аз гана бөлүгү бул партиянын тизмесинде эл үчүн иштей турган мекенчил адамдар бар, татыктуу партия деген маселенин алкагында ой жүгүртө алат. Бир жарым миллион добуштун беш пайызы гана жогорудагыдай ыкма менен топтолот. Ал эми жалпысынан тууганчылык, жердешчилик мурдагыдай эле чоң роль ойнойт. Менимче, тайпалар өзгөчө күчкө айланат. Тайпалар биригип, бир партияга добуштарын берет. Бул жылы партиялуу эмес, тайпалуу шайлоо болот десем жаңылышпайм. Тайпа түшүнүгүн чечмелесем, мисалы, партиянын лидери Таластан, туулган жерине барып, жакындарына айтат. Ал эми кудалары Чүйдөн, ал жактагы жек-жаатына кайрылат. Мындан сырткары таекелери бар, алар да четте калбайт. Шайлоого катышып жаткан партиялардын тизмесиндеги баарынын классташтары, курсташтары, жээндери, жердештери, бирге иштегендери бар, ушундай тайпалар бир партияга добуштарын таштайт. Уруучулуктан да, тайпалардын күчү абдан маанилүү. Анткени тайпалардын курамы ар кандай уруулардан түзүлөт. Ошентип, чынжырча түрүндө добуштар чогулат.

## "Кимдин ким экенин эл билет"



**Абды Сатаров, КТРКнын Байкоочу кеңешинин төрагасы:**

Бул жылдагы күздөгү шайлоо мурдагылардан бир топ айырмаланат, тактап айтканда, сапаттык жагынан айырмаланат. Азыр келе жаткан шайлоого катышып жаткан партиялар эл арасында ар кандай иш-чараларды уюштуруп жатат. Партиялардын тизмесинде депутаттыкка талапкер болгон кишилер көбүнчө өздөрүнүн байлыгына, жеке каражаттарына ишенүүдө деген пикирлер айтылууда. Эми партиянын тизмесине кандай кирет, кантип кирет, ар кимдин өзүнүн эрки. Бирок депутат болом деген адамдар жалгыз олтуруп алып, өздөрүнө өздөрү суроо берип, канчалык деңгээлде өлкөгө, кыргыз элине пайда алып келем деп ойлонуп алышы керек. Шайлоого катышуудан мурда атайын анализ жүргүзүп алгандары дурус. Ал эми мурда депутат болгондор "ушунча жыл депутат болдум, кыргыз элине эмне салым коштум" деген суроого жооп бериши керек. Кыргызда айтып коюшат го, "жөн эле" деп, ошол сыяктуу "жөн эле депутат болом" дегендердин элге да, мамлекетке да пайдасы жок. Ал эми келечектеги курам азыркы парламенттен бир топ айырмаланат дегеним, мурда даярдыгы жок, жөн эле келип калган парламенттин мүчөлөрү бар экени жашыруун эмес. Баары болбосо да, көпчүлүгү эмоциялык абал менен жөн эле депутат болуп алышкан. Кошумчалай кетсем, эл баарына тараза. Калк кимдин ким экенин абдан жакшы билет. Мурдагыдай анча-мынча бир нерселерди берип койсо, тууган болуп чыга келсе, мындай нерселерге алданбайт, көпчүлүктүн баарына көзү жетип калды. Ошентсе да, аз гана бөлүгү жердешчилик, тууганчылык, тааныштык түшүнүктөрүнө маани бериши мүмкүн. Бирок мурдагыдай тенденция жок. Буюрса, мурдагыдан дагы мыкты атуулдар депутат болот деген жакшы тилегим бар.

## "Түндүк, түштүккө бөлүнүү көйгөйү жаралбайт"



**Марс Сариев, саясий серепчи:**

Келе жаткан шайлоодо тууганчылык, жердешчилик, жек-жаатка бөлүнүү маселеси мурдагыдай эле таасирин тийгизет. Кыргызстанда атаандаштар бири-бири менен татыктуу күрөшүп, саясий идеология менен жеңишке жеткидей деңгээлге жете элек. Бирок түндүк, түштүккө бөлүнүү көйгөйү илгеркидей өз өкүмүн жүргүзө албайт. Ал түшүнүк жоюлуп баратат, ошол себептүү Адахан Мадумаров менен Аскар Салымбеков, Өмүрбек Бабанов менен КамчыбекТашиев тандем түзүп, партиялар биригип шайлоого аттанууда. Ошентсе да, Кыргызстанда аймакка бөлүнүү, жердешчилик сыяктуу түшүнүктөр шайлоодо өзгөчө фактор катары роль ойнору жашыруун эмес. Ал эми партиялар аймактардагы аксакалдарды, жер-жерлердеги кадыр-барктуу адамдарды колдонот. Бийлик дагы административдик ресурстарды пайдаланат.

## "Элдин деңгээли өсүүдө"



**Амангелди Муралиев, коомдук ишмер:**

Азыр коомчулуктун аң-сезими өсүп жатат. Кимдин кандай иштегенин саясий практика да көрсөтүп койду. Партиялар мурда убада берип, ошолордун канчасын орундатканы ачык эле көрүнүп калды. Парламенттик башкаруу учурунда партиялардын кандай иш-аракеттерди аткарганы айгине болду. Ошондуктан эл дагы баарын байкап, жон териси менен сезүүдө. Чындыгында, азыр кыйын кырдаалда жашап жатабыз. Кымбатчылык, сомдун баркы да төмөндөп жатканы жашыруун эмес. Жумушсуздук. Анан калса, тагдырды чече турган окуя да болду. Бажы биримдигине киргенден кийин бул нерсе кандай натыйжа берет деген чоң суроо да жаралууда. Ал эми жыйынтыктар эки-үч айда көрүнөт. Эл дагы баарын анализдеп, эми кандай болот деп күткөндүктөн, бардык факторлорду эске алып чечим чыгарат. Ушул жагдай-шарттарды эске алып, өз добуштарын берет деп ойлойм. Азыркы бийликтеги партияларга добуштарды беребизби же бербейбизби деп ой жүгүртүшөт. Жаңы партиялардын программалары менен таанышышат. Негизинен бардык партиянын платформалары окшош эле, бири-биринен өзгөчөлүгү жок. Ошентсе да, эл азыр баарына анализ жүргүзүүдө, элге пайдасы тиер бекен деген суроого жооп издөөдө. Өлкөнүн ар кайсы аймагында жашаган жарандар деле баарын көрүп жатат. Саламаттыкты сактоо тармагы, билим берүү жагы, жолдордун начардыгы, айтор, баарын сезүүдө. Коррупция менен күрөш жүрүп жатса да, карапайым калк дале бул илдеттен жапа чегүүдө. Баарын эске алып, илгеркидей акчага добуштарын сатпайт деп үмүттөнүп жатам. Негизинен уруу-урууга бөлүнүү, жердешчилик көйгөйү учурда бар. Айрымдар тууганчылыгына, тааныштыгына карап добуш бериши мүмкүн.

## "Татыктуу адамдарды тандоо зарыл"



**Чынара Эсенгул, саясат талдоочу:**

Жаңы Конституция менен партиялардын алгачкы коомдогу, саясаттагы ролунун өзгөргөнүнө беш-алты жылдын жүзү болду. 2007-жылы "Ак жол" партиясы бийликке келгенде партияларга өзгөчө роль берилип, Кыргызстандын тарыхында саясий партиялар ири күчкө айлана тургандай шарт түзүлгөн. Ал эми беш-сегиз жыл аралыгында, т.а., 2010-жылдан тартып, саясий партиялардын жаңы тарыхы башталды десек болот. Ошондуктан саясий партиялар азырынча жакшы өнүгө элек. Элдин дагы саясий партиялар тууралуу түшүнүгү жогорку деңгээлде эмес, калыптана элек десек да болот. Мындан сырткары демократиялык башкаруудагы принциптерди дагы деле жакшы өздөштүргөн эмес. Анткени Советтер Союзу учурунда бир гана Коммунистик партияга баш ийген жана ал мамлекеттин бардык тармагында өкүмүн жүргүзүп келген. Ошол себептүү коом тоталитардык системага абдан көнүп калган. Анын кесепетинен кыргызстандык жарандар, коомдук институттарды карап көрсөк, элдин уруу-урууга, жердешчиликке бөлүнгөнү жашыруун эмес. Бул тармак дагы саясий маданияттын бир бөлүгүнө айланган. Ошондуктан "биздин бала, биздин кыз колдоп коёлу" деп, жалпысынан аймактык ой жүгүртүү менен добуш берип жатканы жашыруун эмес. Эл шаардык кеңешти же айылдык кеңешти шайлап жатканы жок да, Жогорку Кеңеш тууралуу сөз болуп жатканда улуттук, мамлекеттик деңгээлдеги адамдар болушу зарыл. Эл да ошондой деңгээлдеги дарамети бар адамдарды шайлап, татыктуу тандап ала турган баскычка көтөрүлүүсү зарыл. Менин оюмча, элдин түшүнүгүндө көп деле өзгөрүүлөр болгон жок. Мурдагыдай эле эски түшүнүктөргө жетеленип, уруу-урууга, жердешчиликке бөлүнүп, акчага азгырылып, добуштарын берет. Анткени акча жагына карасак, бергендерге да, алгандарга да пайдалуу болуп жатат.

Долларды чегинтсе болобу – 1

# Доллар кантип дүйнөлүк валютага айланды?

Согушка катышкан дүйнөлүк державалардын арасында АКШ эң аз жоготууга учурап, тетирисинче анын экономикасы согуштун эсебинен тез өнүгүп кеткен. Мындан сырткары АКШнын атактуу Форт-Ноксунун жер төлөлөрүндө жайгашкан казынасында алтындын дүйнөлүк корунун 70 пайызы, б.а., 20 миң тонна алтын солонгон



МУРАТ КОЙЛУБАЕВ

### Дүйнөнүн валютасы доллар болобу же банкорбу?

Экинчи дүйнөлүк согуш аяктап бара жаткан кезде жеңишке ээ болгон мамлекеттердин алдында дүйнө кандай финансылык мыйзамдар менен өнүгөт деген маселе жаралды. Көптөгөн мамлекеттердин бул согушта эбегейсиз экономикалык жоготууларга учуроосу бул маселени ого бетер курчутуп турган.

Дал ушул көйгөй 1944-жылдын июль айында Американын штаттарынын бири болгон Нью-Гэмпширдеги Бреттон-Вудс шаарында антигитлердик коалицияга кирген 44 мамлекеттен келген 730 делегаттын үч жума бою кеңешүүсүнө себеп болгон.

Бул конференцияга АКШнын каржы министри Генри Моргентау төрагалык кылды. Анын мамлекетинин делегациясын финансы министрлигинин өкүлү Гарри Уайт, Улуу Британияныкын белгилүү экономист Жон Кейнс, СССРдикин Тышкы иштер министринин орун басары Михаил Степанов, Кытайдыкын өкмөт төрагасы Чан Кайши жетектеп келишкен.

Бул тарыхый конференцияны өткөрүүнүн негизги себептери 1918–1939-жылдардагы согуштук каржы системасындагы башаламандык, буга чейин валюталардын баалуулугун аныктап келген алтын стандартынын коллапсы (кыйроо), АКШдагы Улуу депрессия жана дүйнөдө протекционисттик (түрдүү каржы куралдарын колдонуп, ички рынокту сырткы таасирден коргоо) саясаттын өсүүсү деп аныкталган.

Бреттон-Вудста үч жума бою АКШ менен Улуу Британиянын делегациялары талкууну багыттап турду. Уайт менен Кейнстин колдорунда алдын ала даярдалган бири-биринен принципиалдуу айырмаланган дүйнөлүк валюталык каржы системасынын согуштан кийинки абалы боюнча сунуштары бар эле.

Кейнс мамлекеттер аралык эсептерди жүргүзүү үчүн Дүйнөлүк клиринг (өлкөлөр арасында нак акча колдонулбай эсеп-кысап кылган) палатасын түзүп, "банкор" аттуу жаңы акча каражатын киргизип, дүйнөлүк акча катары алтындан баш тартууну сунуштап жатты.

Уайт өз кезегинде 1914-жылдан баштап эмиссиясын (базарга жаңы басылган акчаларды киргизүү) АКШнын Федералдык резервдик системасы жүргүзгөн долларды дүйнөлүк валюта катары сунуштап жатты. Бул үчүн Америка бекитилген алтын паритетинин негизинде алтынды долларга ээнэркин айырбаштап турууга даяр экенин билдирген.

Мындан сырткары башка мамлекеттердин төлөө тең салмактуулугун кубаттап туруу аркылуу АКШ долларына карата алардын валюталык курстарынын туруктуулугун камсыздоо үчүн Дүйнөлүк валюта фондун (ДВФ) жана согуштан кийинки дүйнө экономикасын кайра куруп чыгууга Кайра куруу жана өнүгүү дүйнөлүк банкын (ККӨДБ) түзүү сунушталган.

Акыры АКШнын сунушу жеңишке ээ болгон. Бул Уайттын чечендигине байланыштуу болгон эмес. Буга согуштан запкы жебеген АКШнын аскердик, саясий жана экономикалык кубаттуулугу негизги себеп болгон. Согушка катышкан дүйнөлүк державалардын арасында АКШ эң аз жоготууга учурап, тетирисинче анын экономикасы согуштун эсебинен тез өнүгүп кеткен. Мындан сырткары АКШнын атактуу Форт-Ноксунун жер төлөлөрүндө жайгашкан казынасында алтындын дүйнөлүк корунун 70 пайызы, б.а., 20 миң тонна алтын солонгон.

### Советтер Союзунун алсыздыгы

Өзүнө таандык дүйнөлүк каржы системасын кабыл алдырган АКШ, алсырап калган атаандашы болгон Англияны четке сүрүп чыгып, мамлекетине ондогон жылдарга валюталык артыкчылыкты камсыз кылганга жетишти.

Дүйнөнүн каржысынын америкалык түзүмүнө ооз ачканга жарабаган Советтер Союзунун Бреттон-Вудстагы конференцияда кандай орду болгон деген суроо азыркыга чейин тарыхчылардын башын оорутуп келет. СССРдин бул конференцияга катышып, натыйжаларына макул болуу чечимин делегацияны жетектеген Степанов эмес, мамлекеттин башчысы Сталин кабыл алгандыгы талашсыз. Анын акыры кимдин сунушу кабыл алынары тууралуу даана маалыматы бар болгону да күмөн жаратпайт. Вашингтондун конференцияны согуштан кийинки дүйнөдө каржыэкономикалык бийликке ээ болуу үчүн колдонору сыр эмес болчу.

Дүйнөлүк валюта системасы долларга байлана баштаган. СССР бул системада Улуу Британияга окшоп "кичүү бир-тууган" да эмес, экинчи катардагы мамлекеттин сапатында гана катыша алмак. Буга америкалык делегациянын басымы алдында өткөн конференциядагы Дүйнөлүк валюта фондунун квота жана добуштарынын бөлүнүүсү шек жаратпаган күбө болуп калган. Жалпысынан каралган 99 миң добуштун 28 пайызын АКШ, 13,4%ын Улуу Британия, 12%ын СССР, 5,8%ын Кытай жана 4,8% Франция алган. Ошентип жаңы түзүлгөн каржы фондунда ким негизги орунду ээлери ачык-айкын билинген.

### Союздун конференцияга баруу мажбурлугу

Анда эмне үчүн Сталин конференцияга СССРдин катышуусуна макул болгон? Тарыхчылар Союздун лидеринин бир нече тактикалык ою тууралуу божомол кылышат. Биринчиден, ал Америка экинчи фронтту ачып, советтик армиянын чабуулуна жардам берет деп күткөн. Экинчиден, курал-жарак, ок-дары, азыктүлүк жана башка товарлар келип жаткан өлкөсүнө өтө зарыл болуп турган ленд-лиз программасынын алкагында америкалык жардамдардын уланышын каалаган. Үчүнчүдөн, ал согуш бүткөндөн кийин да америкалык жардамдарга үмүт артып турган. Себеби 1943-жылы Тегерандагы жолугушууда АКШнын президенти Рузвельт СССРге ал кезде өтө ири сумма болгон алты миллиард доллар кредит берилерин убада кылган.

Кыскасы, мындай келишимдер Сталинге Бреттон-Вудска өкүлчүлүк жиберүүгө түрткү болгон. Конференцияда советтик делегация өзүнө тиешелүү майда-чүйдө маселелер көтөрүлгөндө гана жанданып, калган убакта англистер менен америкалыктардын тирешүүсүн тамаша кылып отурган. Мисалы, советтик өкүлдөр мамлекеттердин Дүйнөлүк валюта фондуна кириш үчүн керек болгон алтындан турган салымдарын АКШда жайгаштыруусу керек дегенге каршы чыккан. Натыйжада Советтер Союзу бул маселеде кийин чыгып, ДВФга кошкон алтын үлүшүн өз өлкөсүндө сактоого уруксат алган.

Советтик делегация конференциянын жыйынтыктоочу коммюникесинин бардык шарттарына макул болуп, колун коюп, Бреттон-Вудстан чыр-чатаксыз айрылган.





# Аллергия

Аллергия учурда көп тараган оору. Аллергиядан жабыркаган адам чүчкүрүп, мурду бүтүп, жөтөлүп, көзү кызарат. Мындай учурда эмне кылуу керек, анын келип чыгуу себептери эмнеде, алдын алуу жолдору кандай? Жоопторун билгиңиз келсе, аны бул жерден окуй аласыз

ЖЫЛДЫЗ АКБАР КЫЗЫ

Аллергия организмдеги айлана-чөйрөдөгү түрдүү заттарга аллергендердин (оорулардын пайда болуу себеби) өзгөчө сезгичтиги. Бул оору бардык замандарда эле болуп келет. Байыркы грек врачы Гиппократ айрым тамак-аш жакпай ич өтүп, бөрү жатыш болорун, байыркы рим дарыгери Гален роза жытынан мурундун бүтүшүн белгилеген.

Аллергиялык ооруларга химикаттар, дары жана тамак-аш себеп болот. Ал дүйнөдөгү кеңири тараган оорулардын бири. Буга антибиотиктерди, дары-дармектерди көп пайдалануу, өнөр жайдын тез өсүүсү, кир кетиргичтердин жана турмуш-тиричиликке керектелүүчү заттардын көбөйүшү себеп болот. Организмге сырттан таасир эткен жана организмдин ичинде пайда болгон аллергендер бар. Экзогендик аллергендер инфекциясыз (чач, жүн, дары-дармек, өсүмдүк чаңчасы, тамак-аш) жана инфекциялуу (бактериялар, вирустар, козу карындар) болуп айырмаланат.

## Аллергия эмнеден болот

**1. Биологиялык аллергиялар.** Аларга микробдор, вирустар, козу карындар, мителер, кандын сары суусун пайда кылган ушул оорулардын өнүгүшүндө чоң роль ойногон оорулар аллергиялык оорулар деп аталат. Бул оорулар демейде кишинин терисинде, дем алуу жолдорунда, оозунда, ичегисинде жайгашкан микробдор тиштин чиришин, мурундун кошумча коңулдарынын сезгенишин пайда кылат.

**2. Дарыдан болгон аллергиялар.** Көпчүлүк дары-дармектер, мисалы, кодеин, аспирин, сульфаниламиддер, пенициллин, новокаин жана башка дарылар аллергиялык ооруну пайда кылат. Айрыкча пенициллин аллергиялык кабылдоолорду пайда кылат.

**3. Турмуш-тиричиликтин себебинен пайда болгон аллергия.** Буларга чаң, нымдуу үйдөгү козу карындар, курт-кумурскалар, чач, жүн жана башкалар кирет. Булар дем алуу жолундагы аллергиялык ооруну пайда кылат.

**4. Өсүмдүктөрдүн айрым түрлөрүнөн болгон аллергиялар.** Булар көбүнчө шамал аркылуу чаңдашуудан болот.

**5. Тамак-аштан болгон аллергиялар.** Көпчүлүк тамак-аштар, мисалы, сүт, жумуртка, эт, балык, помидор, шоколад, кулпунай жана башка азык заттар аллергияны пайда кылат. Тамак-аш ичеги-карынга түшкөндөн бир нече минутадан кийин аллергиялык реакция башталат. Мисалы, сүткө аллергия болгондо бир нече минута өткөндөн кийин кусуп, ичи өтүп, бөрү жатыш, ысытма болушу мүмкүн. Тамак-аштан аллергия болгондор демейде ичеги-карындары начар иштегендер болушат. Балдарга түрлөнгөн тамак-ашты көп берүү аллергиянын өөрчүшүнө себеп болуп, денесине диатез чыгарышы мүмкүн.

**6. Өнөр жайдан болгон аллергиялар.** Түрдүү өнөр жайлардын өсүшүнүн натыйжасында өндүрүштө жана тиричиликте түрдүү заттарды көп пайдалануу аллергиялык реакциялардын өөрчүшүнө алып келүүдө. Алардын көбү теринин жабыркашына алып келет.

## Аллерген организмге киргенде

Аллергендер организмге киргенде ага жооп иретинде аллергиялык реакция пайда болот. Аллергендердин кирүүсү менен адамдын сезгичтиги жогорулайт.

## Аллергиялык реакциялар тез жана жай болуучу болуп бөлүнөт

Аллергендер (оорулардын пайда болуу себеби) таасир эткенден 15-20 минутадан кийин териdеги, дем алуу, тамак сиңирүү органдарындагы аллергиялар тез болуучу реакцияларга кирет. Ал эми жай болуучу реакциялар бир нече суткадан кийин өнүгө баштайт.

## Аллергиянын өнүгүшүнө эмне себеп

Организмге аллергендер кирген учурда эле аллергия боло бербейт. Анын өнүгүшүнө тукум куугучтук, нерв системасынын абалы белгилүү ролду ойнойт. Ата-энесинин экөө тең тукум куума бронх астмасы, аллергиялык мурун бүтүү сыяктуу оорулар менен ооруган үй-бүлөдөгү балдардын 70%ы, ал эми ата-эненин бири гана ооруган үй-бүлөдөгү балдардын 56%ы аллергия менен ооруйт. Мында ата-энеси ооруган оорунун өзү берилбей, аллергияга жакын болушат. Аларда аллергиянын өөрчүшүнө нерв системасынын бузулушу, мээ травмасы, терс эмоциялар, бөйрөк үстүндөгү нервдин начар иштеши себеп болот.

## Алдын албаса эмне болот?

Аллергиянын коркунучу – адам дарыланбаса бронх астмасына айланып кетиши мүмкүн. Бул гана эмес, башка чөп, дарактарга да аллергия боло баштайт. Мисалы, эрменден аллергиясы бар адам дарыланбай жүрө берсе, кийин кайыңдан аллергия болушу мүмкүн. Аллергиядан жеңил кутулуу үчүн иммунитетти чыңдоо зарыл.

## Аллергиянын алдын алуу жана дарылоо

Аллергияны дарылоонун эң жакшысы, аллергия кылган аллергендерден (ооруну пайда кылуучу себептерден) алыс болуу. Башкача айтканда, өзүнө жакпаган аллергендерди аныктап, андан алыс болуу. Экинчиси, дары-дармектерди дарыгер аллергологдор менен кеңешип алуу. Имунитетти спорт менен машыгуу жана денени муздак суу же аба менен чыңдоо да аллергияны алдын алуунун негизги шарттарына кирет.

# Дарыгерлерге мыйзам иштебейт


Өлкөдөгү тоолуу климаттын оор шартында иштеген медициналык кызматкерлерге кошумча карала турган каражатты берүү мыйзамда каралганы менен берилбей келет. Бул тууралуу Нарын облустук ооруканынын реаниматолог дарыгери Эркингул Сагындыкова билдирди. Анын айтымында өлкөнүн бийик өрөөндөрүнөн "тоолуу аймак" деген статусту алып салып, шаар жеринде иштей турган тартипке киргизип коюшууда. Бул боюнча мамлекет башчы менен премьер-министрдин маалыматы жок окшойт.

Сагындыкованын баамында бул көйгөйдү сентябрь айында парламент карамак болгон. Бирок, тилекке каршы эл өкүлдөрүнүн келбей калганына байланыштуу Жогорку Кеңеште жалпы жыйын болбой, бул маселе каралбай калды. Дарыгерлерге кошумча бериле турган каражат бюджетте каралган. Айрым себептерден улам бөлүнбөй жатат.

Дүйнөлүк практикада тоолуу жерлердеги кызматкерлерге кошумча каражат берүү, үй менен камсыз кылуу жана эс алуусун каржылоо каралат.



# Бизди өмүр бою жүрөгүнө көтөрүп жүргөн эне жөнүндө



Кесибин сүйгөн, тыкылдап өз ишин мыкты аткарган, адамгерчилик жана чечкиндүүлүк сапаттарын жогору баалаган, Кыргыз радиосуна көркүнө көрк кошуп турган Керемет Сабыржанованын маегине ортоктош болуңуз, окурман

**– Сиздей кызды тарбиялап, элдин кызы кылып чоңойткон апаңыздын сизге берген тарбиясы жөнүндө кеп баштасак?**

– Бизди тогуз ай боюна, андан кийин бооруна, өмүр бою жүрөгүнө көтөрүп жүргөн эне жөнүндө сөз кылуунун өзү бакыт болсо керек. Мени жарык дүйнөгө алып келип, мээримине бөлөп, тарбиясын берип өстүргөн асыл апам – Жумагулова Нурайым Жамыркановна. Көп жылдан бери мектепте мугалим болуп эмгектенип келет. Тирегим да, сырдашым да, эң жакыным апам. Жайкы эс алууда үйгө барып, бир жума апамдын жанында болуп, аябай көнүп алган экенмин, шаарга келген күнү бир нерсе жетишпегендей болуп жалгызсырап, апама чалсам, ал да менин бөлмөмдө ыйлагысы келип отурган экен, экөөбүз телефондон аябай ыйлаганыбыз эсимден кетпейт.

**– Апаңыздын сизге берген тарбиясы жөнүндө сөз кылсак?**

– Албетте, апабыз берген тарбия менен жашап, ак эмгегибиз менен иштеп, дарегине жаман сөз тийгизбей, өмүрдө өз ордубузду табуу үчүн аракет кылып келе жатабыз. Апам бизди эң башкысы жөнөкөйлүккө, адамкерчиликтүү болууга, улуу-кичүүнү сыйлоого тарбиялады. Агам экөөбүздү эч нерседен кем кылбай чоңойтуп, атанын да, эненин да мээримин төгүп, окутуп, эрезеге жеткирген апабыз атабыз көрбөй кеткен жакшылыкты көрүп, жашабай кеткен өмүрдү жашап, биздин бактыбызга ар дайым жаныбызда болсо экен деп тилейм.



Апам менен

**– "Ата-энеден кийинки эле бир боор – бир тууган" деп, ыр сабында айтылгандай, сиздин бир туугандарыңыз жөнүндө билгибиз келип турат**

– Мен эки бир туугандын кичүүсүмүн. Агамдын аты – Абзел. Быйыл мени жеңелүү кылып сүйүнттү. Бир тууган, бир боор деп бекер айтылган эмес да. Кандай кырдаал болбосун, ага жан тартып, капаланса, кошо кайгырып, сүйүнсө, ийгиликке жетсе, кошо сүйүнүп калам. Агам экөөбүз көп бир туугандууларга суктанып, биздин деле бир туугандарыбыз көп болсо деп кыялданып калчубуз. Азыр эң башкысы ынтымагыбыз мындан да бекем болуп, бир туугандык сыйыбыз арта берсе экен деп тилейм.

**– Жашоодо чөйрөңдү, досторуңду туура тандоо да негизги иштердин бири. Ошондуктан сиздин чөйрөңүз, досторуңуз тууралуу кеп кылсак?**

– Кайгыны, чексиз кубанычты ичте сактоо ден соолукка зыян дешет го. Анын сыңарындай, кайгырганда кайгымды, териме батпай сүйүнүп турганда сүйүнүчүмдү, башка жанга айтпас сырымды бөлүшкөн досторум бар болгону үчүн бактылуумун. Алар менен жоолугуп, сыр чечишүү мен үчүн ырахат!

**– Кандай мырзалар сиздин жүрөгүңүздүн ээси боло алат?**

Согоор-сокмоксон болгон желге эмес, шамалга, күйөөр-күймөксөн болгон отко эмес, өрткө окшогон өткүр, чечкиндүү жигиттерди баалайм. Келечекте өмүрлүк жолдошум да ушундай сапаттарга ээ болсо экен деп тилейм. Апам ар дайым "Бардыгы буйруктан, насип буюрбаса, пландалган нерсе баары бир ишке ашпайт" деп айтып келет. Ошондуктан насибимдан өзүм каалаган жакшы адамга кошсо экен деп тилейм.

**– Эми сиздин кесибиңизге кайрылсак. Журналист болуу кичинеңиздеги максатыңыз болсо керек?**

– Бала кезимден эле музыка жандуу болуп, чыгармачылыкка жакын болчумун. Ошол себептен радиону көп угуп, теледеги концерт болобу, айтор, маданий программаларды калтырбай көрчүмүн. Окуучулук кезимден тартып эле эмнегедир радиодо иштегим келип, диджейлерди туурап сүйлөй берчүмүн. Радиодон накыл кептерди укcам ошолорду көркөмдөп сүйлөп, телефонума жаздырып, эң алгач апама угузчумун. Апам үйгө конок келсе ошол сүйлөгөнүмдү угузуп, "буюрса, кызым алып баруучу болот" деп айта берчү. Убакыт өткөн сайын кызыгуум арта берди. Ошентип, биз окууну бүткөн жылдары радиодо кастинг жарыяланып, балалык тилегим ишке ашып, бул тандоодон өтүп кеттим. Жалпы тандоодон өткөндөргө мыкты алып баруучулар, залкар дикторлор сабак берип, жалпы маалымат беришти. Алгач "Балдар fm" радиосуна бөлүндүм. Аталган редакцияда эмгектенип жатканда "Сыйкырдуу жомок", "Бала тили бал", "Тамсил" аттуу балдарга арналган уктурууларды даярдачумун. Ошентип бара-бара такшалып, Кыргыз радиосундагы куттуктоо программаларды, жаштарга арналган түрдүү уктурууларды алып бара баштадым.

**– Бул кесиптин артынан сиз мыкты адамдар менен баарлашууга да жетиштиңиз. Айтсаңыз, алардан кандай пайдаларды алдыңыз?**

– Биз "Маданияттын очогу – жан-дүйнөнүн азыгы!" деген девиз менен иштейбиз. "Кыргыз радиосу" өлкөдөгү бирден-бир беделдүү радиолордун бири десем жаңылышпайм. 80 жылдан ашык тарыхы бар радиого элибиздин даңктуу ырчылары, акындары, дегеле маданияттын, адабияттын алптары маектешүүгө келишет. Ушул адамдар менен учурашып коюунун өзү мен үчүн сыймык. Ошондой эле аталган радиодо өз кесибинин чеберлери эмгектенет. Ушундай улуу инсандар менен кесиптеш болуп калганыма да кубанам.

**– Журналист болуп эмгектенип келе жатканыңызга беш жылдан ашып калды окшойт. Бул аралыкта сиз кандай ийгиликтерге жана жетишкендиктерге жеттиңиз?**


– Убакыт өткөн сайын адамда өнүгүү, өсүү, өзгөрүү деген болот эмеспи. 5 жыл аралыгында аз да болсо, тажрыйба топтоого жетиштим. Бул чөйрөнүн "ашканасына" жакындан аралашып, жакшы адамдар менен тааныштым. Айтор, "Дарак бир жерден көгөрөт" дегендей, ушул жерде улам өргө карай талпынып, изденүү менен иштеп келе жатканым менин ийгилигим деп эсептейм.

**– Сиздин оюңузча, бул кесип эмнени өзгөчө талап кылат?**

– Радиодо иштөө үчүн эң негизгиси сүйлөй турган сөзүң, жагымдуу үнүң болуш керек. Ал эми телеге чыгуу сөздү да, үндү да, жагымдуу жүздү да талап кылат.

Маектешкен
ЖЫЛДЫЗ АКБАР КЫЗЫ

**Жашоодогу урааны:** Чыңгыз Айтматов айткандай, "Күн сайын адам болуу";
**Окуган китептери:** Ч.Айтматовдун чыгармалары, Ш.Дүйшеевдин "Агындылары", Р.Гамзатовдун "Менин Дагестаным" ж.б.;
**Кубанганы:** жеримдин тынчтыгы, элимдин амандыгы, ардагым апамдын, бир туугандарымдын жанымда болгону;
**Баалаган сапаттары:** адамгерчилик, чечкиндүүлүк;
**Кемчилиги:** кандай жагдай болбосун, бирөөгө таянып алгандыгы.



Эс алууда, Ысык-Көл



# Сөздүн кудурети – эне тилде

Эне тилинде сүйлөбөгөн адам Ата Журтунда жүрбөгөндөн эмне айырмасы бар?

Эне тилинде ыр укпаган, эне тилинде төрт сап ыр билбеген адам чет жерде жүргөндөн эмне айырмасы бар?

“Энесинин бешик ырын укпай чоңойгон бөбөк энесиз өскөндөн эмне айырмасы бар?” (*Р.Гамзатов*).

Ата салтын билбеген, аны турмушта колдонуп жашабаган адам Ата Журтун чангандан айырмасы кайсы?

Эне тилин билбесе, аны ардактап сүйбөсө, “Ата Журтумду сүйөм” деп көкүрөк каккандын эмне пайдасы бар?

Ата Журтун сүйбөсө, анын сулуулугуна суктанып айланып бир чыкпаса, үйдөн карыш жылбаган карыптан эмне айырмасы бар?

Ата Журтуна кызмат кылбаса, анын көрктүү тоолорун, анда өскөн жыпар гүлдөрүн, туптунук сууларын, арчалары менен кайың, карагайларын, ак куусу менен уларын, элиги менен бугусун сүйбөсө, өз элинин бир сулуусун “сүйөм” деп айтыш кандай гана уят!

*С.Рыспаев*

## Кыргыз тилиндеги туруктуу сөз айкаштарга маани беребиз

**Колтугуна суу бүркүү.** Бирөөгө карата астыртан, тымызын кимдир бирөөнү шилтеп коюу, көкүтүү, тукуруу. *Көкөнүн колтугуна суу бүркүп, көкүтө берди* (Т.Касымбеков).

**Ажыдаардын куйругун басуу.** Каарына калуу, кырсыктуу чатак ишке кабылуу. *Ажыдаардын куйругун басып алыпмын. Аргам түгөнүп, айлам кетип турат.*

**Азуу саюу.** Азуу тиши чыккан, беш жашка толуу. Жылкы баласына карата айтылат. *Үйүрдөгү карагер азуусун сайып ат болду.* (Фолклордон).

**Ак жоолугун башыңан түшпөсүн.** Келиндерге карата бактылуу бол, алганың менен тең кары деген алкоо иретинде колдонулат. *Кем болбо, балам! Ак жоолугуң башыңан түшпөй, бактылуу бол! – дешип катындар чуулдап алкашты* (К.Жантөшов).

**Акка моюн сунуу.** Өлүү, дүйнөдөн кайтуу. *Кезеги келгенде ар бир пенде акка моюн сунат. Андан эч жакка качып кутула албайсың.*

## Чырмаштын Кара тоосу



Арпа жайлоосунда Чырмаштын Кара тоосу деген жайлоо бар. Ушуга бурула берер жерде Жайык деген аскада Семетей баатырдын качырган Акшумкарынын уясы бар дейт. Ал гана эмес, дал ушул күндө да ошол шумкар түнөгөн жерде темир казык бар дейт. Буга аркан байлап, Айчүрөк өзү чыгып барган имиш. Айчүрөк нечен амал менен келип, Акшумкарды кармап, Семетейге туш кылган экен.

Мындан 30–40 жыл илгери карыялар ушул жерден Акшумкардын тукумун көрүшүптүр. Күздүн келгиндери келер айда бир күнү эле асман күркүрөйт дейт. Эл: “Бул эмне болуп кетти?” – деп караса, аппак болгон бир нерсе ары айланып, бери айланып туруп, сан жетпеген каздарды айдап келип, элдин үстүнө топулдатып тээп түшүрө баштайт. Эл карап туруп: “Жарыктык ай, кадимки Семетейдин Акшумкарынын балдары экен го” – дешиптир. Бул жер Акшумкардын эстелиги болуп эсептелет.

# Ибн Сина - Улукман аке



Орто Азия элдеринин даанышман илимпозу, ойчулу, дарыгери жана акыны Ибн Синага кыргыздар Улукман аке наамын беришкен. Ал Бухарада окуп, араб, парс, инди, грек, рим илим-билим, маданиятын терең өздөштүргөн. 17 жашында илимпоз жана дарыгер катары таанылган. Анын илимдин бардык тармактары боюнча жазган 280ден ашуун эмгегинин 160ка жакыны бизге жеткен. “Шыпаа китеби”, “Нускоо жана насаат китеби”, “Илим-билим китеби” аттуу эмгектеринде Аристотелдин философиясын өөрчүткөн.

Ибн Синанын философия жана табият боюнча эмгектери көп кылымдардан бери барктуу болгон. Ал медициналык эмгектерди да жазып, анын ысымы Гиппократ менен Галлендин катарында турган. Дүйнөгө атагын чыгарган “Дарыгердик илимдин канону” деген эмгеги латынча 30 жолу басылган. Улукман аке суу, аба аркылуу жугуучу, көрүнбөгөн оору козгогучтар тууралуу гипотезаны Пастерден сегиз кылым мурда айткан. Ошондой эле ал бир нече поэзиялык, прозалык чыгармаларды да жараткан.

# Жалкоо

Бир киши тоого чыгып, отун алмакчы болот. Кечке дейре жеткидей тамак-ашты аялына камдатып, балта, чот, аркан алып, күн кызыбай жолго чыгат. Күшүлдөп-бышылдап, бийик тоонун башына чыгып, көк шибер чөпкө жамбаштай кетет. Топ-топ өскөн карагандарды көз нуру менен санай баштайт: “Ал караган бир боо, бул караган бир боо”. Ошентип, жүз боого жеткире санап, көңүлү жайдарыланат. “Кой эми оозум менен орок орбоюн, карагандарды эртелеп чаап алайын, – деп ордунан козголот. Күн төбөгө тийип келатыптыр. Түш болгон тура. Түштөнүп алайын. Күн болсо узун. Кечке дейре эки жүз боо караган алыш деген эмне?!.”

Аялы жасап берген тамакты майдалап чайнап, ныктап жейт. Курсагы тойгондон кийин, көңүлү жумушту каалабай, жамбаштай жата калып карагандарды кайра санай баштайт: “Ал караган бир боо. Бул караган бир боо”. Санагы эки жүзгө жетип кетет. Айлана күүгүмдөнө баштаганда эсине келет. “Каап кеч кирип кеткен тура. А мейли эртең деле күн бар го” – деп балта, чот, арканын көтөрүп, алган бир боо отуну жок, кечки даамдуу тамакты ойлоп үйүн көздөй жөнөйт. Бул адаты күн сайын кайталана берет.

Ушундан улам бул лакап бүгүнкүсүн эртеңкиге, эртеңкисин бүрсүгүнкүгө калтырган жалкоо адамдарга карата айтылып калган экен.

Бетти даярдаган ТАЛГАТ ДЕРКЕМБАЕВ

# Бажы биримдигине киргени элде эмне кеп?

Учурда Кыргызстандын соода тармагы өтө эле кооптуу жагдайда турат десек жаңылышпайбыз. Анткени калктын жашоосу начарлап турганы көп адамды ойлондурууда. Карапайым элдер, базардагы баалардын өсүшүнөн бир топ жапа чеккенин жашырышкан жок. Анткени алган айлыктары мурунку бойдон болсо дагы, базардагы тамак-аш жана үйгө керектүү оокаттардын баалары көтөрүлүп, кыйынчылык туудурууда. Биз базарлардагы баалардын көтөрүлүшү тууралуу билүү үчүн базардагы сатуучулар менен маектешип, калктын товарлардын кымбатташын кандай кабыл алып жатканына кызыктык




АЙПЕРИ АЗАТБЕК КЫЗЫ

### “Кытайдан келген товар кымбаттады”

Соода тармагында 25 жылдан бери иштеп жүргөн Гүлмира Тюлекеева Бажы биримдигине киргенден бери Кытайдын жана Түркиянын товарлары көтөрүлгөнүн төмөнкүчө баяндайт: “Бажы биримдигине киргенден бери көп өзгөрүүлөр боло элек. Анткени азыр мурунку товарларды сатуудабыз. Бирок товарларды сатып алууда баалар көтөрүлдү. Товарлардын баасы 50% кымбаттады. Кытайдан келген товар өзгөчө кымбаттады. Ал эми Түркиядан келген товарлар 20–30%га кымбаттады. Товарлардын көбүнүн кымбаттаганын байкадык. Соода бир аз азайып калды. Эл кымбаттоону ар кандай кабыл алууда. Бирөө түшүнөт, ал эми кээ бирөөлөр уруша кетип жатат. Түшүнгөндөр түшүнүп эле алып кете берет. Түшүнбөгөндөр наараз болушууда. Бажы биримдигине киргенибизге мен макулмун. Эгерде биз Орусия менен кызматташсак, кандайдыр бир стабилдүүлүк орноп калат деген ишенич бар. Ар бир нерсеге убакыт керек. Товардын баалары бир сыйра көтөрүлүп, кайра стабилдүү болуп калат. Буюрса, 1–2 жылда бул көрүнүш бир калыпка түшүп калат” .

Кеңсе товарларын саткан Улан Жамгырчиев Орусиядан келген товарлар мурунку эле баада, ал эми Кытайдын товарлары өскөнүн билдирди. “Бажы биримдигине киргенден бери анчалык деле баанын өсүшү билинген жок. Мисалы, Кытайдын товарлары болжол менен 30–40%га кымбаттады. Биз көбүнчөсүн орустардын товарын саткандыгыбыздан бизге жакшы болду. Орустардын товары арзандаган деле жок, мурунку эле баалар, бирок орустардын товарын сатып алгандар көбөйдү. Себеби Орусия менен Кытайдын товарларынын баалары бирдей эле болуп калды. Мурда Кытай товарларынын сапаты начар болуп, арзаныраак болчу. Сапаты начар кытайлардын товарларынын баасы орустардын жакшы сапаттагы товарлардыкындай эле болуп калды. Мурда элдин көбү баасына карап, Кытайдын товарларын алышчу. Элге кыйыныраак болуп калды. Анткени орустардын жакшы сапаттагы товарын алабыз десе, кымбатыраак. Кытай товары да кымбаттап кетти. Мисалы, орустардын 48 беттүү дептерлери 20 сомдон 50 сомго чейин болчу. Ал эми кытайлардын дептерлери 15 сомдон 25 сомго чейин болчу. Учурда Кытай дептерлери 25 сомдон өйдө болуп калды. Азыр элдер кайсынысын аларын билбей калышты. Кээде жакшы сапаттагы орус дептерлери турса, көнүп калган кытай дептерлери кымбаттаптыр деп коюп, кайра эле ошону алып жатышат”, – деди.

Курулуш материалдарын саткан Гулмира эже: “Азыркы күндө товарлар анчалык деле кымбаттай элек, анткени чоң оптовиктер мурунку жыйып койгон товарларын сатышууда. Бир айдан кийин мурунку эски товарлары калбай калган соң чыр-чатак даана ошондо башталат. Анткени Бажы тосмосунан товар кымбат өтө баштайт. Ошондо көп элдер ызы-чууга түшө баштайт. Мындан башка эч нерсе деп айталбайм”, – деди.

### “Билбейм, мындан кийин кандай турмуш-тиричилик кылабыз?”

Жергиликтүү калктан Бажы биримдигине киргенден бери кандай абалда экенин билүү үчүн айлык акы менен иштеген Жазгүл эже (аты өзгөртүлгөн) менен байланыштык. Ал: “Менин 2 балам бар, күйөөм менен ажырашып кеткем. Балдарым кичинекей, эки балам тең бала-бакчага барат. Тапкан акчамдын көбү эле бала-бакча, тамак-аш, батирден, жол киреден ашпай, эч нерсеге жетпейт. Мен мамлекетти жамандагым келбейт, бирок айлык акыны бир аз да болсо көтөрүп коюшса жакшы болмок, анткени азыркы биздин заманда 2 баланы эмес, бир кишини багуу кыйын болуп турган учур. Базарга барып, азык-түлүк алайын десең күнүмдүк жашоого керектүү азыктар аябай кымбат. Бирок айласыздан балдарым ачка калбашы үчүн алам. Ал эми кийим, курулуш материалдарды саткан товарлардын баасы дагы кымбат. Билбейм, мындан кийин кандай турмуш-тиричилик кылабыз”, – деп кейиди.

### “Биздин өлкө өркүндөп кетет деген куру сөздөрдөн тажадым”

70тен ашкан пенсионер апа учурда алган пенсиясы 4000 сом экенин, анын эч нерсеге жетпегенин айтып, неберелери менен турганын мындайча баяндайт: “Пенсия көбөйдү деп жаңылыктардан айтышат, көбөйсө жакшы болгон турбайбы деп барсаң аз эле акча үстүнө кошулган болот. Ушул алган пенсиям, май, чай, свет, газдан ашпайт. Бажы биримдигине кирсек шумдук болуп кетебиз эле дешти эле, кана жыргап кеткенибиз. Мурда базарга барсаң, азык-түлүк бир аз арзан эле, ал эми Бажы биримдигине киргенден бери баалар көтөрүлүптүр. Эгерде пенсияны жакшы көтөрбөсө, мындан ары кантип жашарыбызды билбейм. Баары эле “Шумдук жашоодо жашайбыз, биздин өлкө өркүндөп кетет” деп мактанышат. Мындай куру сөздөрдөн тажадым. Биздин өсүп келе жаткан муун, жакшы, жетиштүү жашоодо жашаса экен деген эле тилек, үмүт”.

### “Доллардын көтөрүлүүсүнөн дагы товар баасы кымбатташы мүмкүн”

Мамлекеттик бажы кызматынын ага инспектору Алмаз Ахымбеков: “Бажы биримдигине киргенде кээ бир товарлардын баасы өсөрү ыктымал деп бир жылдан бери айтылып келет, биздин сайтка да киргизилген. Бизнес коомчулуктары менен дагы тегерек стол өткөрүлүп келген дайыма. Анда да айтып турганбыз. Массалык маалымат каражаттарынан да кабарлаганбыз. Кандай жакшы жана жаман жактары бар экенин жакшы эле түшүндүргөнбүз. Базардагы баалардын көтөрүлүп кеткенинин негизги себеби бирдиктүү бажы тарифине байланыштуу. Евразия экономикалык биримдигине кирген мамлекеттерде баалар Кыргыз Республикасынын мурунку тарифтерине салыштырмалуу өйдөрөөк. Ошол себептен дагы кымбатташы мүмкүн. Бирок 30–50%га кымбатташы мүмкүн эмес. Казакстан, Орусия, Белорусия мамлекеттеринен келген товарлар тескерисинче ылдыйлашы мүмкүн. Түркия, Кытай товарлары бир аз көтөрүлүшү мүмкүн. Анткени бир дагы товардык позициянын салык пайызы анчалык көтөрүлгөн жок. Доллардын көтөрүлүүсүнөн дагы товар баасы кымбатташы мүмкүн. Тетирисинче кээ бир товарлардын баасы түшүүсү керек. Бажы төлөмдөрүнөн улам баалар бир көтөрүлүп, андан кийин көтөрүлбөшү керек. Товар баасы көтөрүлгөндөн кийин стабилдешип, бир калыпта калат. Сатуучулар Бажы биримдигине киргендигинен колдонуп, жөн эле дүрбөп, бааны өздөрү көтөрүп жатуусу да мүмкүн. Алар Бажы биримдигине киргенге чейин товарларды жыйып алышып, көтөрүшү мүмкүн деп ойлойм. Бизде Кытай, Түркия менен товар жүгүртүүлөр доллар менен жүрөт. Ошол долларга байланыштуу көтөрүлүшү мүмкүн”-дейт.

*Учурда Кыргызстандын жашоочулары бир топ эле оор абалда. Анткени, мектептеги окуучуларга бирдиктүү форма кийгиле деп айтылган. Ата-эне кыйналса да, 2500-3000 сом көп болсо да, “балдарым башканын баласынан кем калбасын” деп, акчасы тартыш болсо да, балдарына кийим-кечени алып беришет. Кээ бирлеринин айлыгы 10 миң сом болсо, 3 баласы жана аялын бир ай багып жашай алабы? Жок, бул акча менен жашоого мүмкүн эмес, анткени бүлө батирде турса, балдары күндө мектепке барса, тамак-аш, жол кире сыяктуу нерселерге сарптаса, бир ай бою кыйналып тапкан акчасы эч нерсеге жетпей калат. Ошондуктан мамлекетибиз ушундай оор акыбалда калган үй-бүлөлөргө жардам берип, калкын ойлосо.*

# Адам интернеттин бөлүкчөсүнө айланууда


Компьютердик технологиялардын өнүгүүсү, аларды колдонуунун жеңилдөөсү адамга шумдуктуудай рахат тартуулоодо. Россиялык тилчи, экономика профессору Иосиф Дзялошинский коллегалары менен бирге 400 россиялык жана чет элдик серепчилерге сурамжылоо жүргүзүп, маалыматка сугарылып жаткан заманбап коомдун 33 негизги көйгөйүн аныкташкан. Алардын негизгилери бул макалада жарык көрдү




ИОСИФ ДЗЯЛОШИНСКИЙ

### Баарлашуу менен маалыматтын глобалдашуусу

Биз азыр каалаган маалыматты, каалаган тилде, каалаган көлөмдө ала алабыз. Буга сүйүнүү гана керектир. Бирок азыр мындай абалдын олуттуу терс жактары көрүнө баштады. Эгер 20–30 жыл мурун адам маалымат табууга бир топ убакыт жана каражат короткон болсо, азыр "төмөнкү сорттогу" маалыматтарды иргеши керек болуп калды.



Адамдар бул шаркырап аккан маалыматтын толкундарында алдастап, өздөрүн эч нерсе билбеген байкуш сыяктуу сезе башташты. Бул сөзсүз психикалык көйгөйлөрдү жаратууда. Мындан улам бардык чоочун дүйнөдөн жалтактап, кандайдыр бир топ же улутту өзгөчө жана кайталангыс деп жарыялап, анын ичине жашынып алуу каалоосу пайда болууда. Азыр биз соцтармактарда дал ушундай көрүнүштөргө күбө болуудабыз.

### Баарлашуунун тездеп, басымынын оорлошуусу жана маалыматты таңуулоо

Совет доорунда адамдар бирибири менен кагазга жазылган каттар аркылуу баарлашчу. Ал каттар дарегине жумалап, айлап жетчү. Өтө зарыл болгон учурда алдын ала буйрутма берип, телефон аркылуу сүйлөшүшчү.

Азыр интернеттеги көптөгөн мессенжерлер аркылуу беш мүнөт сайын жаңыртылган маалымат алса болот. Карапайым адам мынча маалыматты тез сиңирип ала албайт. Ошондуктан заманбап коом жалпыга маалымдоо каражаттарынын каалаган жагына буруп, манипуляция кылган объектине айланды. ЖМКлар ар бир мүчөсү өз алдынча ой жүгүртүүсү керек болгон коомдун күндемин аныктап беришүүдө. Массмедиа өздөрү каалаган же ЖМКнын кожоюндары бер деген маалыматты иргеп, аны керектүү тарабы менен коомго сунууда.

Заманбап адам маалымат агымдарынын кулуна айланды. Ал үчүн зарыл жана кереги жок болгон маалымат аралашып, дүйнө таанымына тоскоолдук жаратууда. Адам Украинадагы окуяларды ийне–жибине чейин билген сыяктуу болушу мүмкүн, бирок өз шаарында эмнелер болуп жатканы тууралуу кабары жок.

Биз кыска, жөнөкөй сүйлөмдөрдү колдонуп баарлашуудабыз. Заманбап аудитория бир аз чоңураак текстти оор кабыл алат. Бирок азыр тексттин кыскалыгы анын оор басырыктуулугу же авторунун акылмандуулугуна байланыштуу эмес, көбүнчөсүн автор өзүнүн шоона эшпеген ойлорун кыска жазуу белгилерине эптеп жайгаштырып койгонго аракет кылууда. Азыркы талап кылынган көлөм – смартфондун экранына сыйган текст. Бул стандартка бардык ой–пикирди ылайыкташтыруу аракети бар.

### Орунсуз баарлашуу менен инсандыкты талкалоо

Интернеттеги коомдук тармактарда кереги жок нерселер көңүлүбүздү буруудa. Башкалардын статусун окууга көп убакыт кетет. Зээнди кирдеткен тексттер менен гүлдөр сыяктуу бири–бирибизди чаңдаштырабыз. Бул адамдын эң керектүү ресурсун – убактысын жеп тынат. Изилдөөдө сурамжыланган адамдардын 76 пайызы коомдук тармактарда суткасына 10 сааттан ашык убактыларын өткөрөт. Жашоо ушинтип өтүп кетсе, эскергенге деле эч нерсе калбайт.

Адамзаттын тарыхы инсандын ички дүйнөсү жекече ой толгоо жана өзүнө гана таандык жашоо тажрыйбасы аркылуу калыптанарын далилдеп келет. Заманбап адамдын дүйнө таанымы болсо, өзү баамдап, башынан өткөрбөгөн сырттан таңуулanган сюжеттерден калыптанууда. Анын инсандык структурасы капыстан башаламан чогултулган ар түрдүү маалыматтардын үзүндүлөрүнө толгон баштык сыяктуу. Бул маалыматты ал сиңире да, системалаштыра да албайт. Ошондуктан заманбап адамдын аң–сезими бирдиктүү эмес, ар жерден жулмаланган стиль, идея жана көз караштардан куралган. Ал конкреттүү абалга жараша хамелеон сыяктуу ар жерде ар түрдүү көрүнө берет. Мурун адамдар эки жүздүүлүктөн качып, кандай болсо, ошондой жашаганга аракет кылса, азыр жашаш үчүн каалагандай көрүнүү керек болуп калган сыяктуу.

### Реалдуу жашоо жана коомдук ролдорду виртуалдуу образдарга айырбаштоо

Биз азыр жашоонун жасалма образдары, термин менен айтсак, маалымат симулякрлары бийлеген дүйнөдө жашап жатабыз. Жакшы иштелип чыккан маалымат штамптары аркылуу бизге теледен жасалма реалдуулукту көргөзүп коё алышат. Телеберүүлөрдө акыл–эси ордунда болгон адамдарды абийирсиз жана митаам кылып чагылдырып коюу мүмкүндүгү бар.

Чыныгы көйгөй жараткан нерсе, бул сюжеттерден кайсынысы туура, кайсынысы жалган экенин түшүнүү кыйын. Адам буга чейин жашоодон алган тажрыйбасына таянып, өзүн жасалма образдардан сактап келсе, азыр көпчүлүк адамдын дүйнө таанымын жалпыга маалымдоо каражаттары калыптайт. Мындай жасалма чөйрөдө калыптанган адам маалыматтын чын–төгүнүн текшерип көрүү мүмкүндүгүнө ээ эмес.

Адамдын аң–сезими туш тараптан агып кирген жалгандарга убактылуу гана туруштук бере алгандай жаратылган. Маалымат симулякрлары аң–сезимге жабышып, жашоону жаңылыш чагылдыргандыктан, адам аларды чындык катары кабыл ала баштайт. Буларга бир жолу ишенип алган соң жашоону башкача кабыл алуу оор боло баштайт. Ошондуктан адамдар өздөрү куруп алган туура эмес дүйнөнүн урап түшүүсүнөн улам психологиялык дискомфортко кабылбаш үчүн көп учурда апачык жалган менен эбегейсиз шермендечиликти колдоого даяр.

### Байланышта отургандарды дүүлүктүрүү

Азыркы коомдо адам өзүнө же мекемесине көңүл бурдуруу үчүн өзү тууралуу катуу "үн салуусу" керек экенин байкагандырсыздар. Бул себептен улам башкалардын көңүлүн өзүнө ысытууга мүмкүндүк табууң керек. Тез сүйлөө же үнүңдү жогору чыгаруу менен бардыгынын үнүн басышың керек. Азыркы телесюжеттерди карасаңыз, экрандын нары жагында кырдаал барган сайын курчутулуп, алып баруучу же кабарчы камерага кыйкырганга чейин барууда.


Мындан улам байланыш инфляциясы пайда болуп, баарлашуу сокур тыйынга арзыбай калууда. Чыныгы, өтө зарыл жана баалуу коомдук кубулуштар четке кагылып, элдин көңүлүн азыр жаралган, бирок бүйүр кызыткан объекттер буруп алууда. Бул себептен улам сөз менен абройдун куну түшүп кетүү процесстери башат алууда.

Азыр маалымат айдыңында биз коомдун феодалдык коомдук түзүлүшкө кайтуусуна күбө болуудабыз. Коомдун көпчүлүгү маалыматтын чоң тутамын теледен алган "маалымат томаяктарга" айланды. Мунун жанында анча–мынча чындыкка жакыныраак маалыматтарга ээ болгон чакан топ бар. Толук маалыматка болсо, аз гана сандагы "маалымат ак сөөктөрү" ээлик кылат.

### Адам инсандык эркинен ажыроодо

Адамдын маалымат айдыңында дайыма болууга умтулганын адистердин көбү аракечтик же баңгилик сыяктуу дарт катары карашууда. Кишинин виртуалдык дүйнөгө баш оту менен кирип кетүүсү аны чыныгы жашоодон ажыратып, психикалык жана физикалык ооруларга чалдыгуусуна алып келет. Статистика боюнча медиабаңгилик дартына эркектерге караганда аялзаты көбүрөөк чалдыгат. Адам эркинен жана бузулбаган инсандык табиятынан ажырап, виртуалдуу маалымат системасынын алсыз бөлүкчөсүнө айланат. Виртуалдык дүйнөгө берилген сайын аны менен камыржумур болуп аралашып, акыры анын кулу болгон абалга келет.

Индивид ички дүйнөсүндө толугу менен коммуникация айдыңынын функциясына айланып кетүүсүнө каршы бөгөт коюусу керек. Адам баласы өз алдынча ой жүгүртө билген жана өзү чечим кабыл ала алган көз карандысыз инсан болуп калыптануусу зарыл.



Сүрөт • Т.Досалиев

# Т.Асыгалиев: “Эң кооз оюн Бөрүлүнүкү”

Борбор калаабызда жана Чолпон-Ата шаарында улуттук оюндар жана улак тартыш боюнча чоң турнирлер өтүп жатат. Бул иш-чараларга командалардын даярдыгы, кайсы команда кандай оюн көрсөткөндүгү жана айрым көйгөйлөр тууралуу көк бөрү оюнун көп жылдан бери алып барып жүргөн агабыз Табылды Асыгалиев менен ат жалында маектештик



**– Алгачкы сөздү быйылкы Президенттик Кубок үчүн болгон күрөш кандай өткөндүгү тууралуу баштасак. Былтыркы оюндан быйыл кандай өзгөчөлүктөр болду?**

– Бул жыл сайын өтүүчү бирден-бир чоң майрамдарыбыздын бири. Республикалык чемпионат, Президенттин Кубогу, 4 жылда бир өтүүчү “Манас оюндары” улуттук оюндардын спартакиадасын эң чоң турнирлер деп айта алам. Улуттук оюндарды өнүктүрүү борбору ачылгандан баштап улуу инсандардын республикалык деңгээлдеги чоң маарекелери да өткөрүлүүдө. Федерация менен улуттук оюндарды өнүктүрүү борбору чогулуп өткөргөн мелдеш 5 күнгө созулуп, жалпысынан 12 команда катышты. Булардын жарымы жаңы командалар болду. Быйыл негедир Жалал-Абад, Ысык-Көлдүн командалары келген жок. “Тынай” деген жакшы командабыздын тарап кеткени өкүндүрөт. Быйыл “Тынай”, “Асылбаш”, Ысык-Көлдүн “Кабыланы”, ар бир региондун күчтүү командалары ойногондо деңгээли дагы жогору болмок. Ушул командалардын келбей калгандыгы өкүнүчтүү. Өзүңөр көргөндөй быйыл да эл толо келип оюн кызыктуу өттү. Былтыркыдай эле оюндар курч мүнөздө өттү. Көк бөрү жылдан-жылга өнүгүп атат десек болот. Былтыркы оюндардын баарында “Талас” командасы ийгиликке жетишкен. Быйыл Нооруз менен Жеңиш күнүнө карата өткөн оюндарды “Сары-Өзөн” утуп аткан, бирок 31-августта кайрадан “Талас” командасы жеңди.

**– Быйылкы Президенттик Кубок үчүн беттешкен командалар кандай даярдыкта келишиптир?**

– Президенттик Кубок үчүн болгон беттешке “Таластын” намыс менен катуу даярдыкта келгени көрүнүп турду. Команда чогуу да ойноп атты, лидерлери да чыгып атты, капитаны дагы тажрыйбалуу бала. Жеке оюнчуларынан айтсак, Анарбек уулу Сейитбек мыкты оюн көргөздү. Баралына толуп турган бул жигитибиздин жеке чеберчилиги да күчтүү, командалык оюну да мыкты. “Талас” командасы максатты, койгон планды тартиптүү ишке ашырышты. “Сары-Өзөндүн” балдары чаап бара жатып эңгенге күчтүү болчу, быйыл даярдыгы начар болуп калды деп ойлойм. “Таластыкы” ынтымак менен, командалык оюн менен тактикалык, техникалык даярдыктарды чогуу тартиптүү ишке ашырышты. Президенттик Кубокту “Талас” татыктуу жеңди деп айта алам. Даярдыктары жакшы экен. Былтыр “Талас” командасы абсолюттук чемпион болгон. "Таластын" күйөрмандарына, жетекчисине рахмат айтып коюш керек.

“Бөрүлү” боюнча айтсам, буларда былтыртан бери атактуу оюнчуларынын ордуна жаш, жаңылары келип, муун алмашып атат. “Бөрүлү” командасы башка жактан күчтүү балдарды алган жок. Эгер алар сөзсүз утуш керек деген максатты койгондо мүмкүн контракт менен күчтүү балдарды ойнотмок. Жок, балдар бүгүн утулса, эртең ийгиликке жетишет деп, өзүнүн эле балдарын тарбиялап ойнотконуна ыраазы болдук. Адегенде “Бөрүлү” 5-6 жыл утулуп эле жүргөн. Анан акырындап, тажрыйба топтолуп, ийгилик келип, ута башташкан. “Бөрүлү” быйыл болбосо, эмдиги жылы кайрадан элеута баштайт.

**– Президенттик Кубокко негизги талапкерлердин бири болгон “Достук” командасына жана башка командаларга жалпы бааңыз кандай?**

– “Достук” командасында абдан күчтүү балдар бар. “Кожомкул” командасында ойногон 3 бир тууган Ниязовдор, дагы башка командаларда ойноп жүргөн белгилүү оюнчуларыбыз бар. Алар жаңы түзүлгөн, бири-бирин түшүнүп ойногонго дагы убакыт керектелет. Командага жакшы машыктыруучу керек, аттарын дагы да мыктылап, командалык оюнду оңдош керек. Бул команда 2 жылдын ичинде эле жакшы байгелерге жетишип атат. Жеңиш күнүнө карата өткөрүлгөн оюнда финалга чыгышкан. “Достук” командасына жана жетекчилерине ыраазычылык билдириш керек. “Ак-Талаа” командасы боюнча айтсам, аларды бир эле демөөрчү алып келиптир, ал кишиге ыраазычылык билдиришибиз керек. Жатакана, жол кире эле канча? Командаларды 1 айдай даярдайт, аттарды сатып берген да оңой эмес. “Датка” 10 жылдан бери ойноп жүргөн команда. Жетекчиси Сатыбалдиев Алымкулга рахмат айтып койсо болот. Башка демөөрчүсү жок, жалгыз өзү райондогу жигиттерди чогултуп, команданы каржылап, балдарды Көлгө, Казакстанга алып барып атат. Бул командалардын байгеге жетпесе да, келип ойноп турганы кепке аларлык. Кудай буюрса, аларда да ийгилик болот. “МВД” да мыкты командалардын катарын толуктайт. Негизи командаларыбызды улуттук оюнду сүйгөн азаматтарыбыз кармап жүрөт да. Азыр жаш болсо да, 18-19 дагы улакчыларыбыз ойноп баштады, буюрса, ушул балдарыбыз жетилет. Жалал-Абадда мыкты аттар көп. Биздин кемчилигибиз 5 жылдан бери түштүктө бир дагы чоң оюн өтө элек.

**– Командалардын мыкты даярдыкта болуп, жакшы ийгиликтерге жетишине машыктыруучунун да орду зор эмеспи. Кайсы машыктыруучуну эң күчтүү деп айта аласыз?**

– Эң күчтүү машыктыруучу “Бөрүлү” командасынын машыктыруучусу – Каныбек Кубатов. Оюнду тактикалык, техникалык алып жүрүшү, бүт ачылыштар ушул “Бөрүлүдөн” чыккан. Баары жапа тырмак улактын артынан чуркабай, ар бир оюнчунун жана аттын өзүнүн аткара турган иши, милдеттери бар. Кайсы бала кай жерде улак алганда кимиси эмне кылыш керек, техникалык түшүнүк жагынан "Бөрүлү" эң күчтүү. Атайын даярдыктары бар, чаап бара атып ыргытмай, эки колдоп экөөлөп барып ыргытмай, эңгенде кандай болуш керек, кандай кылып өткөрүп бериш керек ушунун баарын эң мыкты өздөштүргөн – “Бөрүлү” командасы. Спортту түшүнгөн балдар, оюну да кооз. Тек гана жаш балдар ойноп жана аттарынан аксап атышат. Канча жылдан бери чемпион болуп келишти. Бүгүнкү бир күндүк байге үчүн эмес, эртеңки жеңиштер үчүн өзүнүн айылындагы балдарын ойнотуп атат, ошол жагы купулума толуп турат. Улак баягыдай жапайы улак болбош керек азыр.

**– Оюн учурунда калыс менен оюнчулар ортосунда пикир келишпестиктер көп болот экен. Калыс менен улакчылар бири-бирин сыйлап, түшүнүшүп ойноо деңгээлине жете алабы?**

– Кемчилигибиз эрежелерди такташ керек болуп атат. Чогулуп сүйлөшөбүз деп жүрүшөт, калыстарга да өзүнчө семинарларды өткөрүш керек. Азыркы учурда оюндар өтө эле жогорку ылдамдыкта өтүп калды. Көк бөрүгө жөнөкөй аттар эмес, кандуу аттар кошулду. Алардын ылдамдыгы күчтүү, мындай ылдамдык менен барып жыгылганда оюнчу жаракат албай койбойт. Калыстар тобу ошол ылдамдыкка жетише албай калып жатат. Аларга күчтүү аттар керек. Андай аттарды калыстарга бербейт, жөнөкөй аттарды минишет. Эрежени дагы тактап, айрым эрежелерин өзгөртүш керек болуп атат.

**– Бизде атайын кесипкөй улакчыларды даярдоого шарт барбы? Деген улакчыларыбызга спорт чебери даражасы ыйгарылабы?**

– Бул республиканын экономикасына байланыштуу болот. Казакстандын бир эле облусуна улак үчүн 500-600 миллион теңге бөлүнөт. Атайын спорт мектептери ачылып, кадимкидей айлык алышат. Бизде жалпы улуттук оюндарга 20 миллион эле бөлүнүп, анын 12 миллиону көк бөрүгө ыйгарылат. Бизде айылдагы жигиттерибиз оюн болгондо чогулуп келе калышат. Негизи мектептер ачылыш керек, бирок ага каражат керек да. Ал эми спорт чебери даражасы боюнча айтсам, 2-3 жыл болуп калды, биздин улуттук оюнду өнүктүрүү борбору финалга чыкса, республикалык чемпионатты утса эле спорттун чебери берилсин деп чечим кабыл алган. Бирок 3 жылдан бери уткан балдар бирөө да спорт чебери деген наамына жете элек. Нормативди толтуруп коюшкан, бирок жүрүшөт. Команданын жетекчиси федерацияга керектүү кагаздарды толтуруп бериш керек.

Маектешкен РАХАТ АКМАТОВА

# Аял жана эркек



Карама - каршы нерселердин өзүнө жараша ар кандай өзгөчөлүктөрү бар. Адамдардын ортосундагы айырмачылыктар аябай чоң. Ар бир адам өзүнчө бир дүйнө. Эркек менен аялдын ортосундагы айырмачылыктар ачык-айкын көрүнүп турат. Бактылуу үй-бүлө куруу үчүн алар бири-биринин өзгөчөлүктөрүн билип, ошого жараша мамиле кылуулары керек

АКЫЛАЙ ТУТКУЧЕВА

## Аял менен эркек бир бүтүн

Аял менен эркектин ортосунда физикалык, психикалык жана социалдык жактан бир топ айырмачылыктар бар. Бул айырмачылыктар биринин экинчисине үстөм болгондугуна караганда алардын бири-бирин толуктап тургандыгын көрсөтөт жана жашоонун уланышы үчүн бул нерсе чоң мааниге ээ. Аял менен эркектин табиятынын өзгөчөлүктөрүн жакшы таанып-билүү жана ошого жараша мамиле жасоо жубайлардын ортосундагы ынтымакты бекемдейт.

Ойчулдар эр-аялдын бири-биринин толуктоочусу экендигин төмөндөгү керемет сөздөр менен баяндайт: "Жараткан ааламдагы бардык нерселерди жуп кылып жараткан. Ал жуптардын ар бири экинчисине бардык тарабынан тең деп айтуу мүмкүн эмес".

Атомдон баштап, өсүмдүктөр, жан-жаныбар жана адамдардагы эркектик-ургаачылыкка чейинки бардык нерсе жуп болуп жаратылган жана баары бири-бирине муктаж. Оң терске, электрон протонго, түн күндүзгө, жай кышка, жер бети асманга, эркек аялга, аял эркекке муктаж. Муну менен бирге ушул учурда бизге белгисиз болгон, бирок илим жана технологиянын өнүгүшү менен бизге маалым боло турган дагы канчалык жуптар бардыр.

Абсолют аялды жаратканда электронго жараша протонду, оңго жараша терсти, эркек урукка жараша ургаачы урукту жараткан жана бул жуптардан бир бүтүн пайда кылган. Бирок электрон протонго, оң терске тең болбогондой эле, аял дагы эркекке тең боло албайт. Бул табияттын өзгөрбөгөн эрежелеринен. Жаратылган бардык нерсе кемчиликтүү болгондой эле, жашоону улантуу үчүн эч бир нерсе өзүнө-өзү жетээрлик эмес. Мына ушул себептен кемчиликтүү эркек жана аялдын баш кошуусу менен бири-бирин толуктап, бир бүтүнгө айланат.

## Аял эркектен кем да, тең да эмес

Ошондуктан аял менен эркек бири-бирине тең эмес. Алар бири-бирин толуктоочу болуп саналышат. Демек, адамзаттык жагынан аял менен эркек – бир бүтүндүн эки тең жарымы. Бирок эч убакта бири экинчисинин теңи, дал өзү эмес. Башкача айтканда, алардын табияты, руханий жана психикалык жактары бири-биринен таптакыр башкача. Эч бир убакта аял физикалык жана руханий жактан эркекке тең боло албагандай эле, эркек дагы ага тең боло албайт.

Аял-эркек "эң жакшы көрүнүштү жаратылган" жана аларга руханий-интеллектуалдык жогорулоонун жолдору үйрөтүлгөн. Алар бири-бирин толуктоочу, коргоп-колдоочу болушат.

Жогорудагы түшүндүрмөлөрдө көргөнүбүздөй, аял табиятында эркекке тең боло албагандай эле, иш-аракеттерде да тең боло албайт. Эркекке тиешелүү иштерди аткаруу аял кишиден талап кылынса, анда мындай иш аялга карата зомбулук болуп калат. Себеби аялдын физикалык, биологиялык жана рухий жактан эркектен өтө айырмаланып турушун танууга болбойт. Мына ушундай табигый айырмачылыктарына байланыштуу алардын аткара турган иш-аракеттеринин дагы айырмаланып турушу нормалдуу көрүнүш. Мисалы, эркек аялга караганда алдуу-күчтүүрөөк келет. Аял эркектин жасай турган иштерин жасашы кыйын. Бирок бул аял үчүн кемчилик болуп саналбайт. Себеби аялдын да өзүнө таандык артыкчылыктары бар. Ал эркекке караганда назик, мээримдүү жана сезимтал келет. Бул өзгөчөлүктөрдө эркек аялга тең келе албайт. Аялга да, эркекке да аткара турган милдеттерине жараша жөндөмдөр берилген. Мына ушуну чыныгы адилеттик десе болот. Ошондуктан аял менен эркекти өз алдынча, өз табияттарына жараша баалоо туура болот.

## Аялзатынын өзгөчөлүктөрү

Ооба, аялдын табиятына жана жөндөмдөрүнө жараша кээ бир милдеттери жана укуктары бар. Аял ошол табиятына ылайыктуу жумуштарды аткарса, жумушу үзүрлүү болот. Перзенттер аял себептүү бул дүйнөгө келет. Балдарды энелер тарбиялап өстүрүшөт. Аялзатынын тарбиясы менен коомчулукка жакшы адамдар кошулат. Айрыкча жаш муундардын тарбияланышында аялдын мээримдүүлүгү аялга берилген чоң тартуу. Бул жагынан алганда аял бүтүндөй үй-бүлө мүчөлөрүнүн ичинде урмат-сыйга татыктуу. Ал үйдүн тарбиячысы, мугалими жана бакыттын башаты. Эркек аны менен бейпилдикке бөлөнөт. Бала анын мээримдүү кучагында өсөт, сезимтал жана жакшы ой-пикирге ээ болуп торолот. Эгер ал аруулугун сактап жашаса, анын арты менен бала да бейбаштыктан алыс болот.

Жараткан ар кимге өз акысын берген. Бирок алардын бейбаштыгына да жол берген эмес жана аларды күлкүлүү абалга да салган эмес. Кудай Таала белгилеген акы же укуктан дагы ашыкчараак акы-укук берүүгө аракет кылуу адилетсиздик жана зулум болуп саналат.

Аялзаты бир жумушта иштей турган болсо, ал жумуш сөзсүз түрдө анын физикалык, психикалык жана рухий өзгөчөлүктөрүнө ылайык болушу шарт. Аялга ал көтөрө албаган оор жумуштарды тапшыруу жана аялзатынын табиятына коошпогон жумуштарда иштетүүнүн аялды эркектин укугундай тең укукка ээ кылуу менен эч кандай байланышы жок. Тескерисинче, мындай мамиле аялдын колунан бир топ укуктарын алып коюу болуп саналат.

Кыскасы, бардык нерсенин жаратылышында бир максат бар. Адамзат дагы жаратылуу максатына жана жөндөмүнө жараша жумуштарды аткарышы керек.

## Аялзатынын коомдук жашоодогу орду

Аялдын коомдук жашоодогу орду жана энелик өзгөчөлүгү аны үй-бүлөнүн негизги куруучусу кылган. "Уяны ургаачы куш курат" деген сөз дагы ушул ойду тастыктап турат. Аял балдарына таалим-тарбия берүүдө үй-бүлөнүн бейпилдиги жана коомдун коопсуздугу үчүн адамдыкка тарбиялоочу мектептин биринчи мугалими жана тарбиячысы.

Аары жана кумурскалардын ханышалары, жумушчуларынын ортосундагы байланышты аялдын үй-бүлөдөгү жана коомдогу байланыштарына окшоштурса болот. Жараткан белгилеген эрежелерге ылайык бардык тармакта адам баласына улуулукка жетүүчү жолдор ачылгандай эле, аял дагы аялдык улуу сапатына, анын арты менен жете алган. Аялзаты адамзаттын тукумун улантуучу берекеттүү башат экенин Улуу Тарбиячысына ынангандан баштап толук түшүнөт.

## Аялдын жана эркектин психологиясы

Адамдардын адамдык мүнөзү үй-бүлө, чөйрө жана таалим-тарбиянын таасирине жараша калыптанат. Адам баласы үй-бүлөсү жана чөйрөсү менен болгон мамилелерин оң жана терс жактары адамдардын психикалык абалын көрсөтөт. Бул мамилелер адам баласына жакшы жана жаман өзгөчөлүктөрдү берет.

Үй-бүлөдө, айрыкча аң-сезимдин калыптануу мезгилинде туура жакшы маалыматтар жана туура алган таалим-тарбиясы келечекте анын кыймыл-аракетинде чагылат.

Адам баласы кичинекей чагынан баштап, үй-бүлөгө жана чөйрөдөгү кыймыл-аракеттерге таасирленип, ошол нерселерге түзөнүп калыптанат. Адамдар өздөрүнө таандык жашоо таризин үй-бүлө, чөйрө же массалык маалыматтардан тандап алышат. Бул тандоодо өскөн чөйрөдөгү ишеним, маданият жана көз караштар балага чоң таасирин тийгизет. Адамдар ушул таасирленүү жана тууроонун натыйжасында өз стилин тандап алат. Жашоо таризи, дүйнөгө болгон көз карашы, адамдарга карата кылган мамилеси ошого жараша калыптанат. Жаман адаттарды көрүп, аларды өздөрүнө үлгү катары алган адамдардын адамдык сапаттары терс багытта калыптанып, аң-сезиминде терең из калтырат. Ал издер келечек жашоосунда байкалып, кыймыл-аракеттерин терс тарапка бурат. Адамдардын жакшы үй-бүлөдө жана жакшы чөйрөдө өсүшү алардын психикалык структурасынын жакшы калыптануусуна өбөлгө түзөт. Адамдардын өскөн чөйрөсү мына ушул жагынан алганда өтө чоң мааниге ээ. Атабабалардын: "Таанывбаган адамга кыз бербешибиз керек, таанвбаган кызга куда түшпөшүбүз керек" деген сөзү адамдардын өскөн чөйрөсү канчалык маанилүү экенине көңүл бурдурат. Элибизде дагы "эшигин көрүп, төрүнө өт, энесин көрүп, кызын ал" деген жакшы сөз бар эмеспи.



# Синтабырда куда тосом

НАСЫПБЕК АСАНБАЕВ

Аңгыча эле Кумурзстандын уяханы Казталааны карай зымырыктай учкан ийнелигин минип жөнөп калды. Ал жерде Ийри тумшук тегиндеги кумурскалардын жалпы жыйналышы болмок. Куш тумшуктар биримдигине анык ийри тумшуктуу Түркуя менен Азерсуя уялары жана кандайдыр бир себептер менен кийинчерээк мурундары жалпайып калган Кумурзстан менен Казталаа уялары кирчү. Негизи бул биримдиктин деле түзүлгөнүнө аз эле болду. Азырынча кыйраткан деле бир нерсе кыла элек болгону менен келечеги бар экенине ишенгендер көп.

Кыскасы ошол биримдиктин кезектеги шеринеси Казталаанын атактуу уясы Астынада болду. Казталаанын калбыр өпкө кумурскалары ийри тумшук боордошторун аябай жакшы тосуп алышты. Чымын чиркейдин миң кубулган канаттары кадалган конок үйлөргө киргизип, жөргөмүштүн желесинен токулган жумшак мамыктарга жаткызышты. Жибек курттан алынган чапандарды жаап, коңуздун кабыгынан жазалган бут кийимдерди тартуулашты. Тамак-аш жагынан болсо үлүлдүн кабыктарына толтура салынган не бир түркүн тамактар ортодо тирелип турду. Ошентип кезектеги шерине жакшы башталып, баары өз жайында өтүп жаткан. Бирок, отуруш сыртынан ушундай көрүнгөнү менен ичинен анча деле ынтымак болгон жок. Башталганда эле Ийри тумшук тегиндеги кумурскалар кайсы тилде сүйлөшөөрүн билбей кайсалап калышты. Бирөө Казталаанын тилинде сүйлөсө, бирөө атайылап Азерсуянын тилинде жооп кайтарды. Бул эки тилдин ортосунда чынында андай деле айырма жок. Бирок, ошого карабай бири-бирин түшүнбөмүш болуп компоюп коюп жатышты. Натыйжада, ортодо эч кандай маектешүү болбой, кабактарга кар жаап турду. Акыры баягы эле Кумурзстандын уяханы Шаша Хахамбай кырдаалды түзөп кетти. Ал «Ийри тумшук биримдиги» деп отурбай эле орси тилине салып сүйлөп жиберди. Мына ошондо отуруштун ичи жандана түштү бейм. Көрсө бечара Азерсуянын уяханы Илхо Мали жанатан бери тамак жегенге кашык ала албай отуруптур. А Казталаанын уяханы Нур Сальто болсо аны түшүнүп турса да «касык деп айтсын, касык» деп тымпыйып отурган экен.

Ошону менен уяхандардын отурушуна кандайдыр шаң кошулуп, ары-бери тамашалар айтыла баштады. Акыры тамак-аш ичилип, той тарай турган болгондо Шаша ордунан туруп «кийинки шеринени эмки жылы тууpa агус айында, биздин Тамчы-Суунун жээгинде тосолу» деп сунуш киргизди. Бирок, кайран неме көнгөн адаты менен Кумурстандын тилинде сүйлөп ийген экен, анысын дароо байкай калып кайра орси тилинде кайрылды. Бул жолу ал түз эле Нур Сальтого бурулуп «Брателло, зинаеш, ты сикажи» деп жиберди. Тамчы Суунун боюнда өткөрүүгө Нур Сальто деле көп ойлонбой макул болду. Бирок, качан өткөрөлү дегенге келгенде бир аз жылдыралы дегендей кылды. «Эмки жылы агуста эмес, синтабырда өткөрөлү» деди ал. Илхо Мали дагы ага макул болду. Бир гана Шаша кыйыла баштады. «Ну бажалыста, дауай агус будим» деп суранды ал. Шашанын эмнеге мынча агуска такалганын жанындагылар да түшүнгөн жок. Хахамбай болсо болбой эле сурана берди. «Дауай брателло, дауай. Ну сикажы агус, сикажи бажалуста» деп колун бооруна алып жалдырады. Андан кийин Шаша Азирсуянын уяханына жалдыраганга өттү. «Ну Илхо, ну?! Тамчы-Суу агус во будит! Игират будиш» деди. Бирок, Илхо дагы синтабырда болушун айтып туруп алды. Деги Шашанын эмне мынча агуста шеринe тоскусу келгенин эч ким түшүнгөн жок. «Атбашуянын базарында сентабырда мал кымбаттап кетет дейт. Ошого карап атабы?» деди бирөө. Дагы бирөө болсо «Агуста хаха куурайдын гүлдөп турган маалы. Балким ошондон бергиси келип атат го» деди. Аңгыча Хахамбай «Агуста келсеңер Тамчы-Суунун жээгинен бир уя бадарю» деп жиберди. Бирок, бу деле беркилерди кызыктырган жок. Себеби, Нур Сальтонун ансыз деле Тамчы-Сууда толтура уясы бар. А Илхо болсо өзү көлчүктүн жанында жашайт. Тамчы-Суунун эмне кереги бар ага. Шаша чынында муну ойлогон деле жок. Болбой эле жабыша берди. Акыры артта отурган жардамчыларынан бирөө «Деги синтабыр болсо болду да, ага эмне жабыштыңыз?» деп сурап жиберди. Ошондо Хахамбай аны жаман көзү менен бир карады да «Синтабырда куда тосом» деп бурк этти. Акыры кептин аягын Нур Сальто жыйынтыктады. Ал «Ишо адин гот ест. Басмотрым ишо» деди эч камырабай туруп. Шаша дасторкон четинде отурганда Нур Сальтого макул болгонсуганы менен, кийин деле бир топко чейин шеринени агуска жылдыра албай жүрдү.



# Игуана

Кайсы бир өлкөдө кандайдыр бир киши жанагы кескелдирикке окшош игуана деген кичинекей жаныбарды үйүндө багып жүрчү имиш. Эми аны эмне берип, эмнеге ороп бакканын ким билсин, айтор кээ бир адамдарга айла жок тура. Ит, же мышык багып алса аз боло тургансып, шумдуктанып игуана багып алыптыр. Анан калса тим эле бооруна басып, эркелетип, бапестеп багып жүрүп чоңойткон экен. Күндөрдүн бир күнүндө эле ошол игуанаң түшкүр баягы бапестеп жүргөн немени "кырт" эткизе тиштеп албайбы. Эми кибиреген неме кыйратып тиштейт дейсиңерби? Көп болсо тыз эттиргендир. Же ашып кетсе бир чымчым кан чыгаргандыр. Кыскасы, тиштептир да баягы. Андан мындайды күтпөгөн ээси чочуп кетип колун тартып алат да тиштээк чычымды нары жылдырып коюп, өз иши менен алек болуп кетип калган имиш. Ошону менен анын игуана менен иши деле жок, башкага алек болуп жүрө берет. Бирок, анча көп өтпөй кескелдириктей немени жүргөн жүрүш-турушу башкача болуп калганын байкаптыр. Улам эле караса маңдайына келип, көзүн карап момурап отуруп калат дейт. Түндө уктап туруп караса деле байкуш жылуу жатып уктабай жанында момурап отурат дейт. Ошондо ээси «бу курган неме мени тиштеп алганына өкүнүп, кечирим сурай албай аткан го» деген ойго келет. Ичинен анын ушунчалык «адамгерчилигине» ыраазы болуп, эт-жүрөгү эзилет. Бооруна бекем басып, чүйгүн тамактан берип, ого бетер бапестейт. А игуана болсо ого бетер момурап, ого бетер бoорду оорутуп, тиги кайда барса кошо ээрчип, жатса-турса ыйлап ийчүдөй көзүн ирмебей жалооруй карап, ого бетер сүйкүмдүү тартып барат дейт. Ал тургай берген тамакты да толук ичпей, даярдаган орунга жатпай калыптыр. Ошондо кайран киши «Бу жеткен ак жүрөк жаныбар тура. Бир жолу мага жамандык кыла койом деп ушунча кечирим сурап, жүрөгү ооруду. Кой эми муну бирдеме кылбасам, өз жанын кыйып ийгидей» деп бооруна басып алып жанагы мал доктуруна алып барбайбы.


Эми алардын мал доктуру да бир шумдук да. Мышыкты дарылайт экен десе таң калган кыргыз кескелдириктей немени эмнесин мал доктурга алып барды деп тургандыр. Айттым го бу чет элдиктерге айла жок деп. Алып барат экен алар. Бул кургур да алып барыптыр. «Ушунтип бир жолу мени тиштеп алды эле. Ошондон бери бассам-турсам артыман калбай ээрчип, көзүмдүн кареги менен тең айланып жалооруп жүрөт. Өзүн күнөөлүү сезгени ушунча, берген тамакты жебей, салып берген жайга жатпай калды» дептир. «Эми эмне кылам таксырым? Муну жайына койсом «бир жолу тиштеп алдым» деп өзүн деле өлтүрүп койот окшойт. Же «кечирдим бай болгур» дегенимди түшүнсөчү. Эптеп бир айласын таап көңүлүн ачып бериңиз» дебейби тиги адиске. Анда адис ак жүрөк адамды мыйыгынан күлө карап туруп мындай деген экен. «Эх жарыктык десе. Ушул эмне сизге боору ооруп, көңүлүңүздү көтөрө албай ушунтип жүрөт дейсизби? Бул шүмшүк сиздин ажалыңызды күтүп, зарыгып жүрөт» дептир. Муну уккан берки так секире чочуп, ишене албай жаман болду дейт. Ошондо мал доктур кебин минтип улаптыр. «Бу игуана деген жаныбар өзү жей турган нерсесин алгач тиштеп, уусун өткөрүп койот дагы, андан кийин «качан жаны үзүлөт» деп көзүн албай жалдырап ээрчип жүрө берет. Анткени өлчү жаныбардын көзү башкача боло баштайт да. Бирок, мунун уусу сиз үчүн өтө эле алсыздык кылат. Эч камтама болбой үйүңүзгө кайта бериңиз. Сиз да өлбөйсүз, бул да өлбөйт» дептир.


Мына туугандар, кээде эле ушунтип сыртты көрүнүшүнө алданып калмай жайыбыз бар. Андан көрө кимдин ким экенин билип, ошого жараша даярдана жүрсөк жаман болбос...

## Hi-tech

# Эл аралык космос станциясынын туруктуу жашоочусу робот болуп калышы мүмкүн

Эл аралык космос станциясында адамдар болгону бир ай гана жашай алышат. Франциялык окумуштуулар бул маселени чечүүнүн үстүндө бир топ изилдөө иштерин жүргүзүштү. Жыйынтыгында, космос орбитасына жашоого мүмкүн болгон роботту иштеп чыгышты. Ыңгайлуулукту, тамакты жана сууну талап кылбаган роботтор бул станцияда көпкө жашашат. Окумуштуулар тарабынан роботко кандай жумуш аткаруусу керек экендиги киргизилген эс-тутум картасы орнотулган. Мунун негизинде роботту жерден эле контролдоого болот. Эгер изилдөө иштери ийгиликтүү аяктаса, бул робот космостун туруктуу жашоочусуна айланат.




# Рак оорулууга 3D титан кабыргалар салынды

Австралиялык CSIRO компаниясы 3D принтердин жардамы менен титан кабыргаларды жасап чыгарды. Жыйынтыгында, бул кабыргалар рак менен ооруган 54 жаштагы адамга салынды.

Испаниялык Салманаки институтунун хирургдары төш клетка рагы менен ооруган 54 жаштагы адамга жөнөкөй имплантар туура келбей тургандыгын айтышып, жыйынтыгында титан имплантка буйрутма беришкен. Жалпысынан баасы 920 миң долларды түзгөн титан кабыргаларды салуу операциясы ийгиликтүү аяктап, бейтап 12 күндөн кийин үйүнө чыгарылган.



# ROLI компаниясы резина клавишалуу пианино чыгарды

Британиялык ROLI музыкалык аспаптарды чыгаруучу ишкана көлөмү кичине жана ыңгайлуу болгон жаңы резина клавишалуу синтезатор чыгарды. Seaboard Rise пианиносунда болгону 25 клавиша бар. Өзгөчө пианинодо ойноону үйрөнүүнү калагандар үчүн бул абдан ыңгайлуу вариант. Баасы болгону 800 доллар. Клавиша санынын аздыгына карабастан, түрдүү үндөрдү чыгара алат.




# Кытайда кардарды жүзүнөн тааныган банкоматтар иштей баштады

Tzekwan кытай компаниясы биометрикалык банкомат чыгарды. Адамдардын жүздөрүн тааныу карточка салынгандан кийин банкоматта орнотулган видео камералардын жардамы менен иш жүзүнө ашат. Эн ыңгайлуусу, банкомат кардардын өздүгүн сактайт жана жүзүндө кийин өзгөрүүлөр болуп кетсе да аны тааный алат.

# Коом кайда баратат?

Адам менен коом бири-биринен көз каранды болгондуктан, бирисинде болгон өзгөрүү экинчисине таасир этпей койбойт. Заман агымы менен кошо кирген технологиялардын коомубузга алып келген пайдасынан да зыяны арбын экени талашсыз. Дал ушул жаңылыктардын кесепетинен адамдар ортосундагы сезимдер солгундап, убакыттын өтүшү менен коомубуз робот сымалдашып баратат. Учурда биздин жашообуз кандай абалга жетип калганын төмөндөгү сүрөттөр кененирээк айтып берсин

Бетти даярдаган ТАҢЧОЛПОН БАКЫТБЕК КЫЗЫ







Гезит ээси – ЖЧК "Горизонт Медиа" Юстиция министрлигиндеги катталуу номери – 1925

САРЕСЕП

**Башкы редактор:** Эсен Өмүракунов
**Редколлегия:** Талгат Деркембаев, Гүлмайрам Бакирова

**Кабарчылар:** Айпери Азатбек кызы, Жылдыз Акбар кызы, Таңчолпон Бакытбек кызы, Рахат Акматова
**Пикир айтуу үчүн E-mail:** saresepkg13@gmail.com

**Реклама жана маркетинг:** Эдил Айдаров
Тел.: (0312) 93 65 55, (0703) 73 82 31
Жарнама үчүн E-mail: saresep@mail.ru
**SMM:** Айжамал Бейшеналиева
**Design:** Горизонт Медиа

**Дареги:** Бишкек ш., Бөкөнбаев көч., 195/71
**Тел.:** (0312) 93-65-55, (0312) 45-48-68
**www.saresep.kg**
**Facebook:** Саресеп гезити

**Нускасы:** 5000
**Буйрутма № 2452**
Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды. "ММК колдоо борбору" фондунун басмаканасында басылды.